

# СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАЛАР СОЮЗУНУН

# КОНСТИТУЦИЯСЫ

## (НЕГИЗГИ ЗАКОНУ)

★

# СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАЛАР СОЮЗУНУН КОНСТИТУЦИЯСЫ

## (НЕГИЗГИ ЗАКОНУ)

★

*СССРдин тогузунчу шайланган*
*Жогорку Советинин*
*кезексиз жетинчи сессиясында*
*1977-ж. 7-октябрда*
*кабыл алынган*

**«Кыргызстан»**
**басмасы**
**Фрунзе**
**1977**

34 С
С 56

С 56 **Советтик** Социалисттик Республикалар Союзунун Конституциясы (Негизги Закону). СССРдин тогузунчу шайланган Жогорку Советинин кезексиз жетинчи сессиясында 1977-ж. 7-октябрда кабыл алынган. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1977.

$К\frac{112-127}{М\ 451(17)-77}6-77$

КОНСТИТУЦИЯ
(ОСНОВНОЙ ЗАКОН)
СОЮЗА СОВЕТСКИХ
СОЦИАЛИСТИЧЕСКИХ
РЕСПУБЛИК

(На киргизском языке)

Фрунзе, издательство «Кыргызстан»

720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү 170
«Кыргызстан» басмасы 1977

Терүүгө 19/X-1977-ж. берилди. Басууга 24/X-1977-ж. кол коюлду. Кагазы типографская № 1, форматы 84×108¹/₃₂. 2 физ. басма табак, 3,36 шарттуу басма табак, 2,47 учеттук табак. Тиражы 20000. Заказ № 459. Баасы 5 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү 102, Кыргыз ССР Министрлер Советинин басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитетинин Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.

1—1—2

© «Кыргызстан» басмасы, 1977-ж.

В. И. Ленин башчылык кылган Коммунисттик партиянын жетекчилиги менен Россиянын жумушчулары жана дыйкандары жүзөгө ашырган Улуу Октябрь социалисттик революциясы капиталисттердин жана помещиктердин бийлигин кулатты, эзүүнүн кишендерин талкалады, пролетариат диктатурасын орнотту жана Совет мамлекетин — жаңы типтеги мамлекетти, революциянын жеңиштерин коргоонун, социализмди жана коммунизмди куруунун негизги куралын түздү. Адамзаттын капитализмден социализмге карай бүткүл дүйнөлүк тарыхый бурулушу башталды.

Совет бийлиги граждандык согушта жеңип чыгып, империалисттик интервенцияга сокку берип, эң терең социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдү турмушка ашырды, адамды адам эксплуатациялоону, таптык антагонизмдерди жана улуттук кастыкты түбөлүккө жок кылды. Советтик республикалардын ССР Союзуна биригиши социализмди курууда өлкөнүн элдеринин күчүн жана мүмкүндүктөрүн көбөйттү. Өндүрүш каражаттарына коомдук менчик, эмгекчи массалар үчүн чыныгы демократия орнотулду. Адамзаттын тарыхында биринчи жолу социалисттик коом түзүлдү.

Улуу Ата Мекендик согушта тарыхый жеңишке жетишкен совет элинин, анын Куралдуу Күчтөрүнүн өлбөс-

өчпөс эрдиги социализмдин күчүнүн жаркыраган көрүнүшү болуп калды. Бул жеңиш СССРдин кадыр-баркын жана эл аралык позицияларын бекемдеди, бүткүл дүйнөдө социализмдин, улуттук боштондукка чыгуунун, демократиянын жана тынчтыктын күчтөрүнүн өсүшүнө оңтойлуу жаңы мүмкүндүктөрдү ачты.

Советтер Союзунун эмгекчилери өздөрүнүн жаратуучулук ишмердигин улантып, өлкөнүн ылдам жана ар тараптан өнүгүшүн, социалисттик түзүлүштүн өркүндөшүн камсыз кылышты. Жумушчу табынын, колхозчу дыйкандардын жана элдик интеллигенциянын союзу, СССР улуттарынын жана элдеринин достугу чыңдалды. Алдыңкы күчү жумушчу табы болгон совет коомунун социалдык-саясий жана идеялык биримдиги түзүлдү. Пролетариат диктатурасынын милдеттерин аткарып, Совет мамлекети жалпы элдик мамлекет болуп калды. Бүткүл элдин авангарды Коммунисттик партиянын жетекчилик ролу өстү.

СССРде өнүккөн социалисттик коом курулду. Бул этапта, социализм өз негизинде өнүгүп жатканда, жаңы түзүлүштүн жаратуучулук күчтөрү, социалисттик турмуш образынын артыкчылыктары барган сайын улам толугураак ачылып, революциянын улуу жеңиштеринин жемиштеринен эмгекчилер улам кеңири пайдаланып жатышат.

Бул — кубаттуу өндүргүч күчтөр, алдыңкы илим жана маданият түзүлгөн коом, анда элдин жыргалчылыгы тынымсыз өсүп, адамдын ар тараптан өнүгүшү үчүн улам барган сайын оңтойлуу шарттар түзүлүп жатат.

Бул — жетилген социалисттик коомдук мамилелердин коому, анда бардык таптардын жана социалдык катмарлардын бири-бири менен жакындашуусунун, бардык улуттардын жана элдердин укук жана чыныгы теңдигинин, алардын бир туугандык кызматташтыгынын негизинде адамдардын тарыхый жаңы жалпылыгы — совет эли түзүлдү.

Бул — эмгекчилердин — патриоттордун жана интернационалисттердин жогору уюмдащуусунун, идеялуулугунун жана аң-сезимдүүлүгүнүн коому.

Бул — ар бир адамдын жыргалчылыгы жөнүндө жалпынын камкордугу жана жалпынын жыргалчылыгы жөнүндө ар бир адамдын камкордугу турмуш закону болуп саналган коом.

Бул — саясий системасы бардык коомдук иштерди натыйжалуу башкарууну, мамлекеттик турмушка эмгекчилердин улам барган сайын активдүү катышуусун, граждандардын чыныгы укуктарын жана эркиндиктерин алардын милдеттери жана коомдун алдындагы жоопкерчилиги менен айкалыштырууну камсыз кылуучу чыныгы демократиянын коому.

Өнүккөн социалисттик коом — коммунизм жолундагы закон ченемдүү этап.

Совет мамлекетинин эң жогорку максаты — тапсыз коммунисттик коомду куруу, анда коомдук коммунисттик өзүн-өзү башкаруу өнүгөт. Жалпы элдик социалисттик мамлекеттин башкы милдеттери: коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү, социалисттик коомдук мамилелерди өркүндөтүү жана аларды коммунисттик коомдук мамилелерге айландыруу, коммунисттик коомдун адамын тарбиялоо, эмгекчилердин турмушунун материалдык жана маданий деңгээлин жогорулатуу, өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуу, тынчтыкты чыңдоого жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

Совет эли,

илимий коммунизмдин идеяларын жетекчиликке алып жана өз революциячыл салттарына берилгендигин сактап,

социализмдин социалдык-экономикалык жана саясий улуу жеңиштерине таянып,

социалисттик демократияны андан ары өнүктүрүүгө умтулуп,

социализмдин дүйнөлүк системасынын составдык бө-

лүгү катары СССРдин эл аралык абалын эске алып жана өзүнүн интернационалдык жоопкерчилигин түшүнүп,

1918-жылдагы биринчи советтик Конституциянын, 1924-жылдагы СССР Конституциясынын жана 1936-жылдагы СССР Конституциясынын идеяларынын жана принциптеринин жолун жолдоону сактап,

СССРдин коомдук түзүлүшүнүн жана саясатынын негиздерин бекемдейт, граждандардын укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин, жалпы элдик социалисттик мамлекеттин уюшулуш принциптерин жана максаттарын белгилейт жана аларды ушул Конституцияда жарыялайт.

# I

# СССРдин КООМДУК ТҮЗҮЛҮШҮНҮН ЖАНА САЯСАТЫНЫН НЕГИЗДЕРИ

## 1-глава

## САЯСИЙ СИСТЕМА

**1-статья.** Советтик Социалисттик Республикалар Союзу — өлкөнүн жумушчуларынын, дыйкандарынын жана интеллигенциясынын, бардык улуттарынын жана элдеринин эмгекчилеринин эркин жана мүдөөлөрүн көздөгөн жалпы элдик социалисттик мамлекет.

**2-статья.** СССРде бүткүл бийлик элге таандык.

Эл мамлекеттик бийликти СССРдин саясий негизин түзгөн эл депутаттарынын Советтери аркылуу ишке ашырат.

Мамлекеттик башка органдардын бардыгы эл депутаттарынын Советтеринин контролунда жана аларга отчет берип турат.

**3-статья.** Совет мамлекетинин уюшулушу жана иши демократиялык централизмдин принцибине: мамлекеттик бийликтин бардык органдарынын төмөнтөн тартып жогоруга чейин шайлана тургандыгына, алардын эл алдында отчет берип турушуна, жогорку органдардын чечимдеринин төмөнкү органдар үчүн милдеттүүлүгүнө ылайык курулат. Демократиялык централизм бирдиктүү жетекчиликти жер-жерлердеги демилге жана чыгармачылык активдүүлүк менен, ар бир мамлекеттик органдын жана кызмат адамынын тапшырылган иш үчүн жоопкерчилиги менен айкалыштырат.

**4-статья.** Совет мамлекети, анын бардык органдары социалисттик закондуулуктун негизинде иштейт, укук тартибин, коомдун мүдөөлөрүн жана граждандардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоону камсыз кылат.

Мамлекеттик жана коомдук уюмдар, кызмат адамдары СССР Конституциясын жана советтик закондорду сактоого милдеттүү.

**5-статья.** Мамлекеттик турмуштун өтө маанилүү маселелери бүткүл элдик талкуууга берилет, ошондой эле бүткүл элдик добушка (референдумга) коюлат.

**6-статья.** Совет коомунун жетекчи жана багыттоочу күчү, анын саясий системасынын, бардык мамлекеттик жана коомдук уюмдарынын ядросу Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы болуп саналат. КПСС эл үчүн жашайт жана элге кызмат кылат.

Маркстик-лениндик илим менен куралданган Коммунисттик партия коомдун өнүгүшүнүн башкы перспективасын, СССРдин ички жана тышкы саясатынын багытын аныктайт, совет элинин улуу түзүүчүлүк ишине жетекчилик кылат, коммунизмдин жеңиши үчүн анын күрөшүнө план ченемдүү, илимий негизделген мүнөз берет.

Бардык партиялык уюмдар СССР Конституциясынын чегинде иштейт.

**7-статья.** Профессиялык союздар, Бүткүл союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу, кооперативдик жана башка коомдук уюмдар өздөрүнүн уставдык милдеттерине ылайык мамлекеттик жана коомдук иштерди башкарууга, саясий, чарбалык жана социалдык-маданий маселелерди чечүүгө катышат.

**8-статья.** Эмгек коллективдери мамлекеттик жана коомдук иштерди талкуулоого жана чечүүгө, өндүрүштү жана социалдык өнүктүрүүнү пландаштырууга, кадрларды даярдоого жана жайгаштырууга, ишканаларды жана мекемелерди башкаруу, эмгек жана турмуш-тири-

чилик шарттарын жакшыртуу, өндүрүштү өнүктүрүү, ошондой эле социалдык-маданий чараларга жана материалдык жактан кызыктырууга бөлүнүүчү каражаттарды пайдалануу маселелерин талкуулоого жана чечүүгө катышат.

Эмгек коллективдери социалисттик мелдешти өөрчүтөт, иштин алдыңкы методдорун жайылтууга, эмгек тартибин чыңдоого көмөктөшөт, өздөрүнүн мүчөлөрүн коммунисттик адептүүлүк духунда тарбиялайт, алардын саясий аң-сезимдүүлүгүн, маданиятын жана профессиялык квалификациясын жогорулатууга камкордук көрөт.

**9-статья.** Совет коомунун саясий системасын өнүктүрүүнүн негизги багыты социалисттик демократияны андан ары кеңири жайылтуу: мамлекеттин жана коомдун иштерин башкарууга граждандардын улам кеңири катышуусу, мамлекеттик аппаратты өркүндөтүү, коомдук уюмдардын активдүүлүгүн жогорулатуу, элдик контролду күчөтүү, мамлекеттик жана коомдук турмуштун укуктук негизин чыңдоо, ачык-айкындыкты кеңейтүү, коомдук пикирди дайыма эсепке алуу болуп саналат.

## 2-глава

## ЭКОНОМИКАЛЫК СИСТЕМА

**10-статья.** СССРдин экономикалык системасынын негизин мамлекеттик (жалпы элдик) жана колхоздук-кооперативдик формасындагы өндүрүш каражаттарына болгон социалисттик менчик түзөт.

Уставдык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон профсоюздук жана башка коомдук уюмдардын мүлкү да социалисттик менчик болуп саналат.

Мамлекет социалисттик менчикти коргойт жана анын көбөйө беришине шарт түзөт.

Социалисттик менчикти керт башынын пайдасы үчүн

жана башка ачкөздүк максатында пайдаланууга эч кимдин укугу жок.

**11-статья.** Мамлекеттик менчик — бүткүл совет элинин жалпы кенчи, социалисттик менчиктин негизги формасы.

Жер, анын ички казнасы, суу, токой мамлекеттин гана менчиги. Өнөр жайындагы, курулуштагы жана айыл чарбасындагы негизги өндүрүш каражаттары, транспорт жана байланыш каражаттары, банктар, мамлекет уюштурган соода, коммуналдык жана башка ишканалардын мүлкү, шаардык негизги турак жай фондусу, ошондой эле мамлекеттин милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл болгон башка мүлк мамлекетке таандык.

**12-статья.** Колхоздордун жана башка кооперативдик уюмдардын, алардын бирикмелеринин уставдык милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл болгон өндүрүш каражаттары жана башка мүлктөр алардын менчиги болуп саналат. Колхоздор ээлеп турган жер аларга акысыз жана мөөнөтсүз пайдаланууга бекитилип берилет.

Мамлекет колхоздук-кооперативдик менчиктин өнүгүшүнө жана анын мамлекеттик менчик менен жакындашуусуна көмөктөшөт.

Колхоздор жерден башка пайдалануучулар сыяктуу эле жерди натыйжалуу пайдаланууга, ага сарамжалдуу мамиле кылууга, анын асылдуулугун жогорулатууга милдеттүү.

**13-статья.** СССР граждандарынын өздүк менчигинин негизин эмгек менен тапкан кирешелер түзөт. Өздүк менчикте үй-тиричилик буюмдары, өздүк керектөө, ыңгай түзүү жана үй чарбасынын көмөкчү буюмдары, турак үй жана эмгеги менен жыйган-тергендери болушу мүмкүн. Граждандардын өзүмдүк менчиги жана аны мурастоо укугу мамлекет тарабынан корголот.

Граждандардын пайдалануусунда көмөкчү чарба жүргүзүү (анын ичинде мал жана бакма канаттууларды кармоо), багбанчылык жана огород күтүү үчүн, ошондой эле өзүмдүк турак жай курулушу үчүн Закондо белгиленген тартипте бөлүп берилген жер участоктору болушу мүмкүн. Граждандар өздөрүнө берилген жер участокторун сарамжалдуу пайдаланууга милдеттүү. Мамлекет жана колхоздор граждандардын көмөкчү чарба жүргүзүшүнө жардам берет.

Граждандардын өзүмдүк менчигиндеги же пайдалануусундагы мүлк эмгектенбей киреше табуу үчүн колдонулууга, коомдун мүдөөлөрүнө зыян келтирип пайдаланылууга тийиш эмес.

**14-статья.** Коомдук байлыкты, элдин жана ар бир совет адамынын жыргалчылыгынын өсүшүнүн булагы болуп совет адамдарынын эксплуатациядан эркин эмгеги саналат.

Мамлекет «Ар кимден — жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — эмгегине жараша» деген социализмдин принцибине ылайык эмгектин жана керектөөнүн өлчөмүнө контролдукту ишке ашырат. Ал налог салынууга тийиш болгон кирешелерге налог салуунун өлчөмүн аныктайт.

Коомго пайдалуу эмгек жана анын натыйжалары адамдын коомдогу абалын аныктайт. Мамлекет материалдык жана моралдык стимулдарды айкалыштырып, новаторлукту, ишке чыгармачылык менен мамиле кылууну кубаттап, эмгекти ар бир совет адамынын турмуштук биринчи керектөөсүнө айландырууга көмөктөшөт.

**15-статья.** Социализмдин тушунда коомдук өндүрүштүн эң жогорку максаты — адамдардын өсүп жаткан материалдык жана рухий таламдарын дагы толугураак канааттандыруу.

Мамлекет эмгекчилердин чыгармачылык активдүүлүгүнө, социалисттик мелдешке, илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерине таянып, экономикага же-

текчиликтин формаларын жана методдорун өркүндөтүп, өндүрүштүн натыйжалуулугунун жана жумуштун сапатынын жогорулашын, эл чарбасынын динамикалуу, план ченемдүү жана пропорциялуу өнүгүшүн камсыз кылат.

**16-статья.** СССРдин экономикасы өлкөнүн территориясында коомдук өндүрүштүн, бөлүштүрүүнүн жана алмашуунун бардык звенолорун камтыган бирдиктүү эл чарба комплексин түзөт.

Экономикага жетекчилик кылуу экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн мамлекеттик пландарынын негизинде, тармактык жана территориялык принциптерди эске алуу менен, борбордоштурулган башкарууну ишканалардын, бирикмелердин жана башка уюмдардын чарбалык өз алдынчалыгына жана демилгесине айкалыштыруу менен ишке ашырылат. Мында чарбалык эсеп, пайда, өзүнө турган нарк, башка экономикалык рычагдар жана стимулдар активдүү пайдаланылат.

**17-статья.** СССРде Законго ылайык майда кол өнөрчүлүк кесиптеринде, айыл чарбада, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө чөйрөсүндө өзүнчө жеке эмгек кылууга, ошондой эле граждандардын жана алардын үлөлөрүнүн жалаң гана өз эмгегине негизделген эмгек иш-аракетинин башка түрлөрүнө да жол берилет. Мамлекет жекече эмгек аракетти жөнгө салып, аны коомдун кызыкчылыгы үчүн пайдаланат.

**18-статья.** СССРде азыркы жана келечектеги муундардын таламдарында жерди жана анын ички казнасын, суу ресурстарын, өсүмдүктөр жана жан-жаныбарлар дүйнөсүн коргоо жана илимге негизденип сарамжалдуу пайдалануу үчүн, аба менен сууну тазалыкта сактоо, жаратылыш байлыктарын кайталап өстүрүү жагын камсыз кылуу жана адамды курчап турган чөйрөнү жакшыртуу үчүн зарыл чаралар көрүлүп жатат.

## 3-глава

## СОЦИАЛДЫК ӨНҮГҮҮ ЖАНА МАДАНИЯТ

**19-статья.** СССРдин социалдык негизин жумушчулардын, дыйкандардын жана интеллигенциянын бузулбас союзу түзөт.

Мамлекет коомдун социалдык бир түрдүүлүгүн күчөтүүгө — таптык айырмалыктарды, шаар менен кыштактын, акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы олуттуу айырмалыктарды жоюуга, СССРдеги бардык улуттардын жана элдердин ар тараптан өнүгүшүнө жана жакындашуусуна көмөктөшөт.

**20-статья.** «Ар бир адамдын эркин өнүгүшү — бардыгынын эркин өнүгүшүнүн шарты» деген коммунисттик идеалга ылайык, мамлекет өзүнүн алдына граждандардын өздөрүнүн чыгармачылык күчтөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн жана шыгын колдонуу үчүн, адамдын бардык жактан өнүгүшү үчүн чыныгы мүмкүндүктөрдү кеңейтүү максатын коёт.

**21-статья.** Мамлекет эмгек шарттарын жакшыртуу жана эмгекти коргоо, аны илимий негизде уюштуруу жөнүндө, эл чарбасынын бардык тармактарында өндүрүш процесстерин комплекстүү механизациялаштыруунун жана автоматташтыруунун негизинде оор күч эмгегин кыскартуу, ал эми андан ары толук жоюу жөнүндө да камкордук көрөт.

**22-статья.** СССРде айыл чарба эмгегин индустриялык эмгектин бир түрүнө айландыруунун; айылдык жерлерде элге билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо, соода жана коомдук тамактануу, турмуш-тиричилик жактан тейлөө жана коммуналдык чарба мекемелеринин тармагын кеңейтүүнүн; айылдарды жана кыштактарды көрктөндүрүлгөн поселокторго айландыруунун программасы турмушка ырааттуу ашырылып жатат.

**23-статья.** Эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн негизинде мамлекет эмгекке акы төлөөнүн, эмгекчилердин накта кирешелеринин деңгээлин жогорулатууга багытты кыйшаюусуз ишке ашырып жатат.

Совет адамдарынын керектөөлөрүн алда канча толук канааттандыруу максатында керектөөнүн коомдук фондулары түзүлүүдө. Мамлекет коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин кеңири катышуусу менен, бул фондулардын өсүшүн жана адилеттүү бөлүштүрүлүшүн камсыз кылат.

**24-статья.** СССРде саламаттыкты сактоонун, социалдык камсыздоонун, сооданын жана коомдук тамактануунун, турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн жана коммуналдык чарбанын мамлекеттик системалары иштеп жана өнүгүп жатат.

Мамлекет калкты тейлөөнүн бардык чөйрөлөрүндө кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын ишин колдойт. Ал массалык физкультураны жана спортту өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

**25-статья.** СССРде элге билим берүүнүн бирдиктүү системасы түзүлүп жана өркүндөтүлүп жатат, ал граждандардын жалпы билим алышын жана кесипке даярдыгын камсыз кылат, жаштарга коммунисттик тарбия берүүгө, аларды рухий жана дене тарбия жагынан өнүктүрүүгө кызмат кылат, аларды эмгекке жана коомдук ишке даярдайт.

**26-статья.** Коомдун керектөөлөрүнө ылайык мамлекет илимдин план ченемдүү өнүгүшүн жана илимий кадрларды даярдоону камсыз кылат, илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын эл чарбасына жана турмуштун башка чөйрөлөрүнө киргизүүнү уюштурат.

**27-статья.** Мамлекет совет адамдарын адептүүлүк жана эстетикалык жактан тарбиялоо, алардын маданий

деңгээлин жогорулатуу үчүн рухий байлыктарды сактоо, көбөйтүү жана кеңири пайдалануу жөнүндө камкордук көрөт.

СССРде профессионалдык искусствонун жана элдик көркөм чыгармачылыктын өнүгүшү бардык чаралар менен кубатталат.

4-глава

## ТЫШКЫ САЯСАТ

**28-статья.** СССР лениндик тынчтык саясатын изден тайбастан жүргүзөт, элдердин коопсуздугун чыңдоону жана эл аралык кеңири кызматташтыкты жактайт.

СССРдин тышкы саясаты СССРде коммунизмди куруу үчүн оңтойлуу эл аралык шарттарды камсыз кылууга, Советтер Союзунун мамлекеттик таламдарын коргоого, дүйнөлүк социализмдин позицияларын чыңдоого, улуттук боштондукка чыгуу жана социалдык прогресс үчүн элдердин күрөшүн колдоого, агрессиялык согуштардын чыгышын болтурбай коюуга, жалпы жана толук куралсызданууга жетишүүгө жана ар түрдүү социалдык түзүлүштөгү мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоо принцибин ырааттуу ишке ашырууга багытталган.

СССРде согушту пропагандалоого тыюу салынат.

**29-статья.** СССРдин башка мамлекеттер менен мамилелери суверендүү теңчилик принциптерин колдонуунун; күч колдонуудан же күч колдонуу опузасынан өз ара баш тартуунун; чек аралардын бузулбастыгынын; мамлекеттердин территориялык бүтүндүгүнүн; талаш-тартыштарды тынчтык жол менен жөнгө салуунун; ички иштерге кийлигишпөөнүн; адамдын укуктарын жана негизги эркиндиктерин урматтоонун; элдердин тең укуктуулугу жана өз тагдырын өзү чечүүгө алардын укугунун; мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыктын; эл аралык укуктун жалпыга таанылган принцип-

теринен жана нормаларынан, СССР түзгөн эл аралык келишимдерден келип чыгуучу милдеттенмелерди ак ниеттүү аткаруунун негизинде түзүлөт.

**30-статья.** СССР социализмдин дүйнөлүк системасынын, социалисттик ынтымакташтыктын составдык бөлүгү катары социалисттик интернационализмдин негизинде социализм өлкөлөрү менен достукту жана кызматташтыкты, жолдоштук өз ара жардамдашууну өнүктүрөт жана чыңдайт, экономикалык интеграцияга жана эмгектин эл аралык социалисттик бөлүштүрүүгө активдүү катышат.

## 5-глава

## СОЦИАЛИСТТИК АТА МЕКЕНДИ КОРГОО

**31-статья.** Социалисттик Ата Мекенди коргоо мамлекеттин эң маанилүү функцияларынын катарына кирет жана бүткүл элдин иши болуп саналат.

Социалисттик жеңиштерди, совет элинин тынчтык эмгегин, мамлекеттин суверенитетин жана территориялык бүтүндүгүн коргоо максатында СССРдин Куралдуу Күчтөрү түзүлгөн жана жалпыга бирдей аскердик милдет белгиленген.

СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн эл алдындагы милдети — Социалисттик Ата Мекенди ишенимдүү коргоо, ар кандай агрессорго дароо сокку урууну гарантиялоочу дайыма күжүрмөн даярдыкта туруу.

**32-статья.** Мамлекет өлкөнүн коопсуздугун жана коргонуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылат. СССРдин Куралдуу Күчтөрүн бардык зарыл нерселер менен жабдыйт.

Өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуу жана анын коргонуу жөндөмдүүлүгүн бекемдөө боюнча мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын, кызмат адамдарынын жана граждандардын милдеттери ССР Союзунун закондору менен аныкталат.

II

# МАМЛЕКЕТ ЖАНА АДАМ

## 6-глава

## СССР ГРАЖДАНДЫГЫ. ГРАЖДАНДАРДЫН ТЕҢ УКУКТУУЛУГУ

**33-статья.** СССРде союздук бирдиктүү граждандык белгиленген. Союздук республиканын ар бир гражданы СССР гражданы болуп саналат.

Советтик граждандыкка ээ болуунун жана андан ажыратуунун негиздери жана тартиби СССР граждандыгы жөнүндөгү Закон менен аныкталат.

Чет өлкөлөрдө СССР граждандары Совет мамлекетинин коргоосуна жана колдоосуна алынат.

**34-статья.** СССР граждандары тек-жайына, социалдык жана мүлк абалына, расасына жана улутуна, жынысына, билимине, тилине, динге мамилесине, ишинин түрүнө жана мүнөзүнө, жашаган жерине жана башка шарттарына карабастан Закон алдында тең.

СССРдин граждандарынын тең укуктуулугу экономикалык, саясий, социалдык жана маданий турмуштун бардык тармактарында камсыз кылынат.

**35-статья.** СССРде аял менен эркек тең укуктуу.

Бул укуктардын ишке ашырылышы билим жана профессиялык даярдык алууда, эмгекте, ал үчүн акы төлөөдө жана кызмат боюнча көтөрүлүүдө, коомдук-саясий жана маданий иште аялдарга эркектер менен тең мүмкүндүктөрдү берүү, ошондой эле аялдардын эмгегин жана саламаттыгын коргоо боюнча атайын чаралар менен:

аялдарга эмгекти энелик милдет менен айкалыштырууга мүмкүндүк берүүчү шарттарды түзүү менен; энени жана баланы укук жүзүндө коргоо, материалдык жана моралдык колдоо, анын ичинде боюнда бар аялдарга жана энелерге кызмат акысы төлөнүүчү отпускаларды жана башка жеңилдиктерди берүү, жаш балдары бар энелердин жумуш убактысын бара-бара кыскартуу менен камсыз кылынат.

**36-статья.** СССРдин ар түрдүү расадагы жана улуттагы граждандары тең укуктуу.

Бул укуктардын ишке ашырылышы СССРдин бардык улуттарын жана элдерин ар тараптан өнүктүрүү жана бири-бирине жакындатуу саясаты, граждандарды советтик патриотизмдин жана социалисттик интернационализмдин духунда тарбиялоо, эне тилинен жана СССРдин башка элдеринин тилдеринен пайдалануу мүмкүндүгү менен камсыз кылынат.

Укуктарды кандай гана түрдө болбосун тике же кыйыр чектөө, расалык жана улуттук белгилери боюнча граждандарга тике же кыйыр артыкчылыктарды белгилөө, ошондой эле расалык же улуттук бөтөнчөлүктү, кастыкты же теңсинбөөнү үгүттөөнүн кайсынысы гана болбосун Закон боюнча жазаланат.

**37-статья.** СССРде чет өлкөлүк граждандарга жана граждандыгы жок адамдарга Закондо каралган укуктар жана эркиндиктер, алардын ичинде өздөрүнө таандык өздүк, мүлктүк, үй-бүлөлүк жана башка укуктарын коргоо үчүн сотко жана мамлекеттик башка органдарга кайрылуу укугу гарантияланат.

СССРдин территориясындагы чет өлкөлүк граждандар жана граждандыгы жок адамдар СССР Конституциясын урматтоого жана советтик закондорду сактоого милдеттүү.

**38-статья.** СССР эмгекчилердин таламдарын жана тынчтык ишин коргогондугу үчүн, революциячыл жана

улуттук-боштондук кыймылына катышкандыгы үчүн, прогрессивдүү коомдук-саясий, илимий же башка чыгармачылык иш жүргүзгөндүгү үчүн куугунтукталган чет өлкөлүктөргө баш калкалоо укугун берет.

### 7-глава

## СССР ГРАЖДАНДАРЫНЫН НЕГИЗГИ УКУКТАРЫ, ЭРКИНДИКТЕРИ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**39-статья.** СССР граждандары СССР Конституциясында жана советтик закондордо жарыяланган жана гарантияланган социалдык-экономикалык, саясий, өздүк укуктардын жана эркиндиктердин бардыгына толук ээ. Социалисттик түзүлүш укуктардын жана эркиндиктердин кеңейишин, социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүктүрүүнүн программасынын орундатылышына жараша граждандардын турмуш шарттарынын тынымсыз жакшырышын камсыз кылат.

Граждандардын укуктарды жана эркиндиктерди пайдаланышы коомдун жана мамлекеттин таламдарына, башка граждандардын укуктарына зыян келтирүүгө тийиш эмес.

**40-статья.** СССР граждандары эмгектенүүгө,—башкача айтканда, эмгегинин өлчөмү менен сапатына жараша жана мамлекет белгилеген минимум өлчөмдөн кем эмес эмгек акы төлөнүүчү гарантияланган жумуш алууга укуктуу,— буга шыгына, жөндөмүнө, профессиялык даярдыгына, билимине ылайык жана коомдук керектөөлөрдү эске алуу менен кесипти, кызматтын түрүн жана жумушту тандоо укугу кирет.

Бул укук чарбанын социалисттик системасы, өндүргүч күчтөрүнүн кыйшаюсуз өсүшү, акысыз профессиялык окутуу, эмгектик квалификацияны жогорулатуу жана жаңы адистиктерге үйрөтүү, кесип тандап алууга багыт.

тоо жана ишке орноштуруу системаларын өнүктүрүү менен камсыз кылынат.

**41-статья.** СССР граждандарынын эс алууга укугу бар.

Бул укук жумушчулар жана кызматчылар үчүн 41 сааттан ашпаган жумуш жумасын белгилөө, бир катар кесиптер жана өндүрүштөр үчүн кыскарган жумуш күнү, түнкүсүн иштөөнүн узактыгын кыскартуу менен; ар жыл сайын акы төлөнүүчү отпускаларды, жумасына эс алуу күндөрүн берүү менен, ошондой эле маданий агартуу жана ден соолук чыңдоо мекемелеринин тармактарын кеңейтүү, массалык спортту, физкультураны жана туризмди өнүктүрүү менен; жашап турган жерлеринде эс алуу үчүн ыңгайлуу мүмкүндүктөрдү жана бош убактысын туура пайдалануунун башка шарттарын түзүү менен камсыз кылынат.

Колхозчулардын жумуш убактысынын жана эс алышынын мөөнөтүн колхоздор жөнгө салышат.

**42-статья.** СССР граждандарынын саламаттыкты сактоого укугу бар.

Бул укук саламаттыкты сактоонун мамлекеттик мекемелери көрсөтүүчү акысыз квалификациялуу медициналык жардам менен; граждандарды дарылоочу жана алардын ден соолугун чыңдоочу мекемелердин тармагын кеңейтүү менен; коопсуздук техникасын жана өндүрүш санитариясын өнүктүрүү жана өркүндөтүү менен; профилактикалык кеңири чараларды жүргүзүү менен; айлана-чөйрөнү жакшыртуу боюнча чаралар менен; жаш муундардын ден соолугу жөнүндө өзгөчө камкордук көрүү, анын ичинде окууга жана эмгектик тарбиялоого байланышпаган бала эмгегине тыюу салуу менен; оорулардын алдын алууга жана аларды азайтууга, граждандардын узак жана активдүү өмүрүн камсыз кылууга багытталган илимий-изилдөөлөрдү өрчүтүү менен камсыз кылынат.

**43-статья.** СССР граждандарынын карыганда, ооруп калган учурда, эмгекке жарамдуулугун толук же жарым-жартылай жоготкондо, ошондой эле баккан кишисинен ажыраганда материалдык жактан камсыздануусуга укугу бар.

Бул укук жумушчуларды, кызматчыларды жана колхозчуларды социалдык камсыздандыруу менен, эмгекке жарамдуулугун убактылуу жоготкондо пособиелер менен; жашы жеткенде, инвалид болуп калган жана баккан кишисинен ажыраган учурда мамлекеттин жана колхоздордун эсебинен пенсиялар төлөө менен; эмгекке жарамдуулугун жарым-жартылай жоготкон граждандарды ишке орноштуруу менен; карыган граждандарга жана инвалиддерге камкордук көрүү менен; социалдык камсыздоонун башка формалары менен гарантияланат.

**44-статья.** СССР граждандарынын турак жай алууга укугу бар.

Бул укук мамлекеттик жана коомдук турак жай фондусун өнүктүрүү жана сактоо, кооперативдик жана өзүмдүк турак жай курулушуна көмөк көрсөтүү, жасалгалуу турак жайларын куруу программасынын ишке ашырылышына жараша берилүүчү турак жай аянтын коомдук контролдоонун астында адилеттүү бөлүштүрүү, ошондой эле квартира жана коммуналдык тейлөө үчүн аз акы алуу менен камсыз кылынат. СССР граждандары өздөрүнө берилген турак жайын сарамжалдуу урунууга тийиш.

**45-статья.** СССР граждандарынын билим алууга укугу бар.

Бул укук билим берүүнүн бардык түрлөрүнүн акысыздыгы, окутууну турмуш, өндүрүш менен байланыштыруунун негизинде жаштарга жалпыга милдеттүү орто билим берүүнү ишке ашыруу, профессиялык-техникалык атайын орто жана жогорку билим берүүнү кеңири өнүк-

түрүү менен; сырттан жана кечинде окутуп, билим берүүнү өнүктүрүү менен; окуучуларга жана студенттерге мамлекеттик стипендия жана жеңилдиктер берүү менен; мектеп окуу китептерин акысыз берүү менен; мектепте эне тилинде окутуу мүмкүндүгү менен; өз алдынча билим алышына шарттар түзүү менен камсыз кылынат.

**46-статья.** СССР граждандарынын маданият жетишкендиктеринен пайдаланууга укугу бар.

Бул укук мамлекеттик жана коомдук фондуларда турган ата мекендик жана дүйнөлүк маданият байлыктарынын жалпыга бирдей ачык болушу менен; өлкөнүн территориясында маданий агартуу мекемелерин өнүктүрүү жана бир калыпта жайгаштыруу менен; телевидениени жана радиону, китеп басып чыгаруу ишин жана мезгилдүү басма сөздү, акысыз китепканалар тармагын өнүктүрү менен; чет мамлекеттер менен маданий карым-катнашты кеңейтүү менен камсыз кылынат.

**47-статья.** СССР граждандарына коммунисттик курулуштун максаттарына ылайык илимий, техникалык жана көркөм чыгармачылыктын эркиндиги гарантияланат. Ал илимий-изилдөөлөрдү, ойлоп чыгаруучулук жана рационализатордук ишти кеңири жайылтуу, адабиятты жана искусствону өнүктүрүү менен камсыз кылынат. Мамлекет бул үчүн материалдык зарыл шарттарды түзөт, ыктыярдуу коомдорго жана чыгармачыл союздарга жардам көрсөтөт, эл чарбасында жана турмуштун башка чөйрөлөрүндө ойлоп чыгарууларды жана рационализатордук сунуштарды колдонууну уюштурат.

Мамлекет авторлордун, ойлоп чыгаруучулардын жана рационализаторлордун укуктарын коргойт.

**48-статья.** СССР граждандарынын мамлекеттик жана коомдук иштерди башкарууга, закондор менен жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү мааниси бар чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышууга укугу бар.

Бул укук эл депутаттарынын Советтерине жана башка шайлануучу мамлекеттик органдарга шайлоого жана шайланууга , бүткүл элдик талкуулоолорго жана добуш берүүлөргө, элдик контролдоого, мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын жана коомдук өз демилгелүү органдарынын ишине, эмгек коллективдериндеги жана жашаган жериндеги чогулуштарга катышуу мүмкүндүгү менен камсыз кылынат.

**49-статья.** СССРдин ар бир гражданынын мамлекеттик органдарга жана коомдук уюмдарга алардын ишин жакшыртуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө, иштеги кемчиликтерди сынга алууга укугу бар.

Кызмат адамдары белгиленген мөөнөттөрдө граждандардын сунуштарын жана арыздарын карап чыгууга, аларга жооп берүүгө жана зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

Сынга алгандык үчүн куугунтуктоого тыюу салынат. Сынга алгандык үчүн куугунтуктаган адамдар жоопко тартылат.

**50-статья.** Элдин таламдарына ылайык жана социалисттик түзүлүштү чыңдоо жана өнүктүрүү максатында СССР граждандарына: сөз, басма сөз, чогулуштар, митингдер, көчөлөрдөгү жүрүштөр жана демонстрациялар эркиндиги гарантияланат.

Бул саясий эркиндиктерди ишке ашыруу эмгекчилерге жана алардын уюмдарына коомдук имараттарды, көчөлөрдү жана аянттарды берүү, информацияны кеңири жайылтуу, басма сөздү, телевидениени жана радиону пайдалануу мүмкүндүгү менен камсыз кылынат.

**51-статья.** Коммунисттик курулуштун максаттарына ылайык СССР граждандары саясий активдүүлүктү жана өз демилгени өнүктүрүүгө, алардын көп түрдүү кызыкчылыктарын канааттандырууга көмөк көрсөткөн коомдук уюмдарга биригүүгө укуктуу.

Коомдук уюмдарга өздөрүнүн уставдык милдеттерин ийгиликтүү аткарышына шарттар гарантияланат.

**52-статья.** СССР граждандарына динге ишенүү же ишенбөө эркиндиги, башкача айтканда, ар кандай динди тутуу же эч бирин дагы тутпоо, диний ырым-жырымдарды колдонуу же атеисттик пропаганда жүргүзүү укугу гарантияланат. Диний ишенимдерге байланыштуу касташуу жана жек көрүү сезимин козгоого тыюу салынат.

СССРде чиркөө мамлекеттен жана мектеп чиркөөдөн бөлүнгөн.

**53-статья.** Үй-бүлө мамлекеттин коргоосунда турат.

Нике аялдын жана эркектин ыктыярдуу макулдугуна негизделет: жубайлар үй-бүлөлүк мамилелерде толук тең укуктуу.

Мамлекет балдар мекемелеринин кеңири тармагын түзүү жана өнүктүрүү, турмуш-тиричилик кызматын жана коомдук тамактанууну уюштуруу жана өркүндөтүү, бала төрөлгөндүгүнө байланыштуу пособиелерди төлөп берүү, көп балалуу үй-бүлөлөргө пособиелерди жана жеңилдиктерди берүү, ошондой эле үй-бүлөгө пособиелердин жана жардамдын башка түрлөрүн берүү жолу менен үй-бүлө жөнүндө камкордук көрөт.

**54-статья.** СССР граждандарынын өздүгүнө эч кимдин тийбестиги гарантияланат. Соттун чечимине негизделмейинче же прокурордун санкциясы болмоюнча эч кимдин камакка алынышы мүмкүн эмес.

**55-статья.** СССР граждандарынын турак жайына эч кимдин тийбестиги гарантияланат. Турак үйгө законду негиз болмоюнча анда жашап турган адамдардын ыктыярысыз кирүүгө эч кимдин укугу жок.

**56-статья.** Граждандардын өздүк турмушу, кат жазышуунун, телефон аркылуу сүйлөшүүлөрдүн жана телеграф аркылуу билдирүүлөрдүн жашыруундуулугу Закон тарабынан корголот.

**57-статья.** Адамды урматтоо, граждандардын укуктары менен эркиндигин коргоо — мамлекеттик бардык органдардын, коомдук уюмдардын жана кызмат адамдарынын милдети.

СССР граждандары ар-намысына жана өз кадырына, өмүрүнө жана саламаттыгына, өздүк эркиндигине жана мүлкүнө кол салуудан сот аркылуу коргонууга укугу бар.

**58-статья.** СССР граждандары кызмат адамдарынын, мамлекеттик жана коомдук органдардын аракеттерине даттанууга укуктуу. Даттануулар Закондо белгиленген тартипте жана мөөнөттө каралууга тийиш.

Кызмат адамдарынын Законду бузуп, полномочиелердин чегинен чыгып кетүү менен жасаган, граждандардын укуктарын кемиткен аракеттери Закондо белгиленген тартипте сотко даттанылышы мүмкүн.

СССР граждандары мамлекеттик мекемелердин жана коомдук уюмдардын, ошондой эле кызмат адамдарынын кызмат милдеттерин аткаруу учурунда жасаган законсуз аракеттеринен тарткан зыянын төлөтүп алууга укугу бар.

**59-статья.** Укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашырууну граждандардын өз милдеттерин аткаруусунан ажыратып кароого болбойт.

СССР гражданы СССР Конституциясын жана советтик закондорду сактоого, социалисттик коомдо жашоо эрежелерин урматтоого, СССР гражданы деген бийик наамды ар-намыс менен алып жүрүүгө милдеттүү.

**60-статья.** Коомдук пайдалуу иштин өзү тандап алган тармагында ак ниеттүүлүк менен эмгектенүү, эмгек тартибин сактоо — СССРдин эмгекке жарамдуу ар бир гражданынын милдети жана ар-намыс иши. Коомдук пайдалуу эмгектен баш тарткандык социалисттик коомдун принциптерине сыйышпайт.

**61-статья.** СССР граждаңы социалисттик менчикти сактоого жана чыңдоого милдеттүү. Мамлекеттик жана коомдук мүлктү уурдап талоого жана ысырап кылууларга каршы күрөшүү, элдик мүлккө сарамжалдуулук менен мамиле кылуу — СССР граждаңынын парзы.

Социалисттик менчикке суук колун салган адамдар Закон боюнча жазаланышат.

**62-статья.** СССР граждаңы Совет мамлекетинин мүдөөлөрүн коргоого, күч-кубатын жана кадыр-баркын чыңдоого көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

Социалисттик Ата Мекенди коргоо — СССРдин ар бир граждаңынын ыйык милдети.

Родинага чыккынчылык кылуу — эл алдындагы эң оор кылмыш.

**63-статья.** СССР Куралдуу Күчтөрүнүн катарында аскердик кызмат өтөө — советтик граждандардын ардактуу милдети.

**64-статья.** Башка граждандардын улуттук беделин урматтоо, Советтик көп улуттуу мамлекеттин улуттарынын жана элдеринин достугун чыңдоо — СССРдин ар бир граждаңынын милдети.

**65-статья.** СССР граждаңы башка адамдардын укуктарын жана закондуу таламдарын урматтоого, коомго жат жорук-жосундарга карата келишпес болууга, коомдук тартипти сактоого бардык чаралар менен көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

**66-статья.** СССР граждандары балдарды тарбиялоого камкордук көрүүгө, аларды коомдук пайдалуу эмгекке даярдоого, социалисттик коомдун татыктуу мүчөлөрү кылып өстүрүүгө милдеттүү. Балдар ата-энелери жөнүндө камкордук көрүүгө жана аларга жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

**67-статья.** СССР граждапы жаратылышты сактоого, анын байлыктарын коргоого милдеттүү.

**68-статья.** Тарых эстеликтерин жана башка маданий байлыктарды сактоого камкордук — СССР граждандарынын парзы жана милдети.

**69-статья.** СССР граждандарынын интернационалдык милдети — башка өлкөлөрдүн элдери менен достукту жана кызматташтыкты өнүктүрүүгө, жалпы тынчтыкты сактоого жана чыңдоого көмөк көрсөтүү.

# III
# СССРдин УЛУТТУК-МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ

## 8-глава

## СССР — СОЮЗДУК МАМЛЕКЕТ

**70-статья.** Советтик Социалисттик Республикалар Союзу — улуттардын өз тагдырын өзү эркин чечишинин жана тең укуктуу Советтик Социалисттик Республикалардын ыктыяры менен биригишининн натыйжасында социалисттик федерализмдин принцибинин негизинде түзүлгөн бирдиктүү союздук көп улуттуу мамлекет.

СССР совет элинин мамлекеттик бирдиктүүлүгүнүн айкын көрүнүшү болуп, коммунизмди биргелешип куруу максатында бардык улуттарды жана элдерди баш коштуруп турат.

**71-статья.** Советтик Социалисттик Республикалар Союзуна биригишет:

Россия Советтик Федеративдүү Социалисттик Республикасы,

Украин Советтик Социалисттик Республикасы,

Белорус Советтик Социалисттик Республикасы,

Өзбек Советтик Социалисттик Республикасы,

Казак Советтик Социалисттик Республикасы,

Грузин Советтик Социалисттик Республикасы,

Азербайжан Советтик Социалисттик Республикасы,

Литва Советтик Социалисттик Республикасы,

Молдаван Советтик Социалисттик Республикасы,

Латыш Советтик Социалисттик Республикасы,

Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы,

Тажик Советтик Социалисттик Республикасы,
Армян Советтик Социалисттик Республикасы,
Түркмөн Советтик Социалисттик Республикасы,
Эстон Советтик Социалисттик Республикасы.

**72-статья.** Ар бир союздук республиканын СССРден эркин чыгуу укугу сакталат.

**73-статья.** Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун кароосуна анын мамлекеттик бийлигинин жана башкаруусунун жогорку органдары аркылуу төмөндөгүлөр кирет:

1) СССРдин составына жаңы республикаларды кабыл алуу; союздук республикалардын составында жаңы автономиялуу республикалардын жана автономиялуу областтардын түзүлүшүн бекитүү;

2) СССРдин мамлекеттик чек арасын аныктоо жана союздук республикалардын ортосундагы чек аралардын өзгөрүүлөрүн бекитүү;

3) мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун республикалык жана жергиликтүү органдарынын уюштурулушунун жана ишинин жалпы негиздерин белгилөө;

4) СССРдин бүткүл территориясында закон чыгарууну жөнгө салуунун бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу, ССР Союзунун жана союздук республикалардын закондорунун негиздерин белгилөө;

5) бирдиктүү социалдык-экономикалык саясат жүргүзүү, өлкөнүн экономикасына жетекчилик кылуу; илимий-техникалык прогресстин негизги багыттарын жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу жана коргоо боюнча жалпы чараларды аныктоо; СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн мамлекеттик пландарын иштеп чыгуу жана бекитүү; алардын аткарылышы жөнүндөгү отчетторду бекитүү;

6) СССРдин бирдиктүү мамлекеттик бюджетин иштеп чыгуу жана бекитүү, анын аткарылышы жөнүндөгү отчетту бекитүү; бирдиктүү акча жана кредит систе-

масына жетекчилик кылуу; СССРдин мамлекеттик бюджетин түзүүгө түшө турган налогдор менен кирешелерди аныктоо, баалар жана эмгекке акы төлөө жагындагы саясатты аныктоо;

7) эл чарбасынын тармактарына, союзга баш ийген бирикмелерге жана ишканаларга жетекчилик кылуу; союздук-республикалык баш ийүүдөгү тармактарга жалпы жетекчилик кылуу;

8) тынчтык жана согуш маселелери, СССРдин суверенитетин сактоо, мамлекеттик чек араларын жана территориясын коргоо, СССРдин коргонуусун уюштуруу, Куралдуу Күчтөрүнө жетекчилик кылуу;

9) мамлекеттик коопсуздукту камсыз кылуу;

10) эл аралык мамилелерде СССРдин өкүлдүгү; СССРдин чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен байланыштары; союздук республикалардын чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен мамиле жасашынын жалпы тартибин белгилөө жана координациялоо; мамлекеттик монополияга негизделген тышкы соода жана тышкы экономикалык иштердин башка түрлөрү;

11) СССР Конституциясынын сакталышын контролдоо жана союздук республикалардын конституцияларынын СССР Конституциясына шайкеш келишин камсыз кылуу;

12) жалпы союздук маанидеги башка маселелерди чечүү.

**74-статья.** СССРдин закондору бардык союздук республикалардын территориясында бирдей күчкө ээ. Эгер союздук республиканын Закону менен жалпы юздук Закон кайчылаш келип калса, анда СССРдин Закону колдонулат.

**75-статья.** Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун территориясы бирдиктүү жана ага союздук республикалардын территориялары кирет.

СССРдин суверенитети анын бүткүл территориясына таралат.

## 9-глава

## СОЮЗДУК СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКА

**76-статья.** Союздук республика — башка советтик республикалар менен Советтик Социалисттик Республикалар Союзуна бириккен суверендүү Советтик Социалисттик мамлекет.

Союздук республика СССР Конституциясынын 73-статьясында көрсөтүлгөндөгүдөн тышкары, өз территориясында мамлекеттик бийликти өз алдынча ишке ашырат.

Союздук республиканын СССР Конституциясына ылайык келген жана республиканын өзгөчөлүктөрүн эске алган өз Конституциясы болот.

**77-статья.** Союздук республика СССР Жогорку Советинде, СССР Жогорку Советинин Президиумунда, СССРдин Өкмөтүндө жана ССР Союзунун башка органдарында ССР Союзунун кароосуна тиешелүү маселелерди чечүүгө катышат.

Союздук республика өз территориясында экономикалык жана социалдык комплекстүү өнүгүүнү камсыз кылат, ошол территорияда ССР Союзунун полномочиелерин ишке ашырууга көмөктөшөт. СССРдин мамлекеттик бийлигинин жана башкаруусунун жогорку органдарынын чечимдерин турмушка ашырат.

Союздук республика өзүнүн кароосуна тиешелүү маселелер боюнча союздук баш ийүүдөгү ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишин координациялайт жана контролдукка алат.

**78-статья.** Союздук республиканын территориясы анын макулдугу болмоюнча өзгөртүлүшү мүмкүн эмес.

Союздук республикалардын ортосундагы чек аралар тийиштүү республикалардын өз ара макулдашуусу менен өзгөртүлүшү мүмкүн, ал өзгөртүү ССР Союзу тарабынан бекитилүүгө тийиш.

**79-статья.** Союздук республика өзүнүн крайлык, областтык, округдук, райондук бөлүнүшүн белгилейт жана административдик-территориялык түзүлүштүн башка маселелерин чечет.

**80-статья.** Союздук республика чет мамлекеттер менен мамиле жасоого, алар менен келишимдер түзүүгө, дипломатиялык жана консулдук өкүлдөр алмашууга, эл аралык уюмдардын иштерине катышууга укуктуу.

**81-статья.** Союздук республикалардын суверендүү укуктары ССР Союзу тарабынан коргоого алынат.

## 10-глава

## АВТОНОМИЯЛУУ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКА

**82-статья.** Автономиялуу республика союздук республиканын составында болот.

Автономиялуу республика, ССР Союзунун жана союздук республиканын укуктарынын чектеринен тышкары, өз кароосуна тиешелүү маселелерди өз алдынча чечет.

Автономиялуу республиканын СССР Конституциясына жана союздук республиканын Конституциясына ылайык келген жана автономиялуу республиканын өзгөчөлүктөрүн эске алган өз Конституциясы болот.

**83-статья.** Автономиялуу республика ССР Союзунун жана союздук республиканын мамлекеттик бийлигинин жана башкаруусунун жогорку органдары аркылуу тийиштүүлүгүнө жараша ССР Союзунун жана союздук

республиканын кароосуна берилген маселелерди чечүүгө катышат.

Автономиялуу республика өз территориясында экономикалык жана социалдык комплекстүү өнүгүүнү камсыз кылат, ушул территорияда ССР Союзунун жана союздук республиканын полномочиелерин ишке ашырууга көмөк көрсөтөт. СССРдин жана союздук республиканын мамлекеттик бийлигинин жана башкаруусунун жогорку органдарынын чечимдерин ишке ашырат.

Автономиялуу республика өзүнүн кароосуна тиешелүү маселелер боюнча союздук жана республикалык (союздук-республикалык) баш ийүүдөгү ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын иштерин координациялайт жана контролдукка алат.

**84-статья.** Автономиялуу республиканын территориясы анын макулдугу болмоюнча өзгөртүлүшү мүмкүн эмес.

**85-статья.** Россия Советтик Федеративдүү Социалисттик Республикасына: Башкыр, Бурят, Дагстан, Кабарда-Балкар, Калмак, Карел, Коми, Мари, Мордва, Түндүк-Осетин, Татар, Тува, Удмурт, Чечен-Ингуш, Чуваш, Якут автономиялуу советтик социалисттик республикалары кирет.

Өзбек Советтик Социалисттик Республикасына Кара-Калпак Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы кирет.

Грузин Советтик Социалисттик Республикасына Абхаз жана Аджар автономиялуу советтик социалисттик республикалары кирет.

Азербайжан Советтик Социалисттик Республикасына Нахичеван Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы кирет.

11-глава

## АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЬ ЖАНА АВТОНОМИЯЛУУ ОКРУГ

**86-статья.** Автономиялуу область союздук республиканын же крайдын составында болот. Автономиялуу область жөнүндөгү Закон автономиялуу областтын эл депутаттар Советинин сунушу боюнча союздук республиканын Жогорку Совети тарабынан кабыл алынат.

**87-статья.** Россия Советтик Федеративдүү Социалисттик Республикасына: Адыге, Тоолуу-Алтай, Еврей, Карачай-Черкес, Хакас автономиялуу областтары кирет.

Грузин Советтик Социалисттик Республикасына Түштүк-Осетин автономиялуу областы кирет.

Азербайжан Советтик Социалисттик Республикасына Тоолук-Карабах автономиялуу областы кирет.

Тажик Советтик Социалисттик Республикасына Тоолуу-Бадахшан автономиялуу областы кирет.

**88-статья.** Автономиялуу округ крайдын же областтын составында болот. Автономиялуу округдар жөнүндөгү Закон союздук республиканын Жогорку Совети тарабынан кабыл алынат.

# IV
# ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН СОВЕТТЕРИ ЖАНА АЛАРДЫ ШАЙЛОО ТАРТИБИ

## 12-глава

## ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН СОВЕТТЕРИНИН СИСТЕМАСЫ ЖАНА ИШ ПРИНЦИПТЕРИ

**89-статья.** Эл депутаттарынын Советтери — СССР Жогорку Совети, союздук республикалардын Жогорку Советтери, автономиялуу республикалардын Жогорку Советтери, эл депутаттарынын крайлык, областтык Советтери, автономиялуу областтардын жана автономиялуу округдардын эл депутаттарынын Советтери, эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаарлардагы райондук, поселкалык жана айылдык Советтери — мамлекеттик бийликтин органдарынын бирдиктүү системасын түзөт.

**90-статья.** СССР Жогорку Советинин, союздук республикалардын Жогорку Советтеринин жана автономиялуу республикалардын Жогорку Советтеринин полномочиелеринин мөөнөтү — беш жыл.

Эл депутаттарынын жергиликтүү Советтеринин полномочиелеринин мөөнөтү — эки жарым жыл.

Эл депутаттарынын Советтерине шайлоо тийиштүү Советтердин полномочиелеринин мөөнөтү бүтөөрдөн кеминде эки ай мурда дайындалат.

**91-статья.** Эл депутаттарынын тийиштүү Советтеринин кароосуна берилген эң маанилүү маселелер алардын сессияларында каралат жана чечилет.

Эл депутаттарынын Советтери туруктуу комиссияларды шайлашат, аткаруучу жана тескөөчү, ошондой эле өздөрүнө отчет берүүчү башка органдарды түзүшөт.

**92-статья.** Эл депутаттарынын Советтери мамлекеттик контролду ишканаларда, колхоздордо, мекемелерде жана уюмдарда эмгекчилердин коомдук контролу менен айкалыштыруучу элдик контролдоо органдарын түзөт.

Элдик контроль органдары мамлекеттик пландардын жана тапшырмалардын орундалышын контролдойт, мамлекеттик тартипти бузууларга, жергиликтүү кызыкчылыкка жан тартуунун, ишке ведомстволук мамиле жасоо көрүнүштөрүнө, чарбасыздыкка жана ысырапкорчулукка, сүйрөмөчүлүккө жана бюрократизмге каршы күрөш жүргүзөт, мамлекеттик аппараттын ишин өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт.

**93-статья.** Эл депутаттарынын Советтери мамлекеттик, чарбалык жана социалдык-маданий курулуштун бардык тармактарына түздөн-түз жана өздөрү түзгөн органдар аркылуу жетекчилик кылат, чечимдерди кабыл алат, алардын аткарылышын камсыз кылат, чечимдердин турмушка ашырылышына контролду ишке ашырат.

**94-статья.** Эл депутаттарынын Советтеринин иши маселелерди коллективдүү, эркин, ишкердүү талкуулоонун жана чечүүнүн, ачык-айкындыктын, аткаруучу жана тескөөчү органдардын, Советтер тарабынан түзүлгөн дагы башка органдардын Советтердин жана калктын алдында дайыма отчет берип турушунун, алардын ишине катышууга граждандарды кеңири катыштыруунун негизинде жүргүзүлөт.

Эл депутаттарынын Советтери жана алар түзүүчү органдар өздөрүнүн иши жана кабыл алган чечимдери жөнүндө калкты дайыма кабардандырып турат.

13-глава

## ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ

**95-статья.** Эл депутаттарынын бардык Советтерине депутаттарды шайлоо жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен жүргүзүлөт.

**96-статья.** Депутаттарды шайлоо жалпыга бирдей: СССРдин 18 жашка толгон бардык граждандары шайлоого жана шайланууга укуктуу, буга Закондо белгиленген тартипте акылынан ажыраган деп табылган адамдар гана кирбейт.

СССР Жогорку Советинин депутаты болуп СССРдин 21 жашка чыккан гражданы шайлана алат.

**97-статья.** Депутаттарды шайлоо баарыга бирдей тең: ар бир шайлоочу бир добушка ээ; бардык шайлоочулар бирдей негизде шайлоого катышат.

**98-статья.** Депутаттарды шайлоо тике болот: эл депутаттарынын бардык Советтеринин депутаттары граждандар тарабынан түздөн-түз шайланат.

**99-статья.** Депутаттарды шайлоодо добуш берүү жашыруун болот: шайлоочулардын эрк-ыктыярын билдирүүсүнө контролдук кылууга жол берилбейт.

**100-статья.** Депутаттыкка кандидаттарды көрсөтүү укугу Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын, профессиялык союздардын, Бүткүл Союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун уюмдарына, кооперативдик жана башка коомдук уюмдарга, эмгек коллективдерине, ошондой эле аскер бөлүктөрүндө аскер кызматкерлеринин чогулуштарына таандык.

СССРдин граждандарына жана коомдук уюмдарга депутаттыкка кандидаттардын саясий, ишкердик жана жеке сапаттарын эркин жана ар тараптан талкуулоо

укугу, ошондой эле чогулуштарда, басма сөздө, телевидениеде жана радио аркылуу агитация жүргүзүү укугу гарантияланат.

Эл депутаттарынын Советтерине шайлоо өткөрүү үчүн кеткен чыгымдар мамлекеттин эсебинен сарпталат.

**101-статья.** Эл депутаттарынын Советтерине депутаттарды шайлоо шайлоо округдары боюнча жүргүзүлөт.

Эреже катары СССР гражданы эл депутаттарынын экиден ашык Советине шайланышы мүмкүн эмес.

Советтерге шайлоонун өткөрүлүшүн коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрүнөн жана аскер бөлүктөрүндөгү аскер кызматкерлеринин чогулуштары жиберген өкүлдөрдөн түзүлгөн шайлоо комиссиялары камсыз кылат.

Эл депутаттарынын Советтерине шайлоо өткөрүүнүн тартиби ССР Союзунун, союздук жана автономиялуу республикалардын закондору менен аныкталат.

**102-статья.** Шайлоочулар өз депутаттарына сунуш-талаптар беришет.

Эл депутаттарынын тийиштүү Советтери шайлоочулардын сунуш-талаптарын карашат, экономикалык жана социалдык өнүгүү пландарын иштеп чыгуу жана бюджет түзүү учурунда эске алышат, сунуш-талаптардын аткарылышын уюштурат жана ишке ашырылгандыгын граждандарга кабарлап турат.

## 14-глава

## ЭЛ ДЕПУТАТЫ

**103-статья.** Депутаттар эл депутаттарынын Советтериндеги элдин полномочиелүү өкүлдөрү болуп эсептелишет.

Депутаттар Советтердин ишине катышуу аркылуу

мамлекеттик, чарбалык жана социалдык-маданий курулуштун маселелерин чечишет, Советтердин чечимдеринин турмушка ашырылышын уюштурушат, мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишине контролдук кылат.

Депутат өз ишинде жалпы мамлекеттик мүдөөлөрдү жетекчиликке алат, шайлоо округундагы калктын суроо-талаптарын эске алат, шайлоочулардын сунуш-талаптарынын турмушка ашырылышына аракеттенет.

**104-статья.** Депутат өз полномочиелерин өндүрүштүк же кызмат жумушунан кол үзбөстөн аткарат.

Советтердин сессиялары убагында, ошондой эле Закондо каралган башка учурларда депутаттык полномочиелерди аткаруу үчүн депутат иштеген жеринде орточо эмгек акысы сакталып, өндүрүштүк же кызмат милдеттерин аткаруудан бошотулат.

**105-статья.** Депутаттын тийиштүү мамлекеттик органдарга же кызмат адамдарына суроо-талап менен кайрылууга укугу бар, алар ошол суроо-талапка Советтин сессиясында жооп кайтарууга милдеттүү.

Депутаттык иш маселелери боюнча депутат бардык мамлекеттик жана коомдук органдарга, ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга кайрылууга жана өзү койгон маселелерди кароого катышууга укуктуу. Тийиштүү мамлекеттик жана коомдук органдардын, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилери депутатты дароо кабыл алууга жана анын сунушун белгиленген мөөнөттө карап чыгууга милдеттүү.

**106-статья.** Депутатка өз укуктарын жана милдеттерин шыдыр жана натыйжалуу аткаруу үчүн шарттар түзүлөт.

Депутаттарга эч кимдин тийбестиги, ошондой эле депутаттык иштин башка гарантиялары да депутаттын статусу жөнүндөгү Закондо жана ССР Союзунун, со-

юздук жана автономиялуу республикалардын башка закон актыларында белгиленет.

**107-статья.** Депутат өзүнүн иши жана Советтин иши жөнүндө шайлоочулардын алдында, ошондой эле өзүн депутаттыкка кандидат кылып көрсөткөн коллективдердин жана коомдук уюмдардын алдында отчет берип турууга милдеттүү.

Шайлоочулардын ишенимин актай албаган депутат качан гана болбосун шайлоочулардын көпчүлүгүнүн чечими боюнча Закондо белгиленген тартипте кайра чакырылып алынышы мүмкүн.

# V
# СССРдин МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИГИНИН ЖАНА БАШКАРУУСУНУН ЖОГОРКУ ОРГАНДАРЫ

## 15-глава

## СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИ

**108-статья.** СССРдин мамлекеттик бийлигинин жогорку органы болуп СССР Жогорку Совети саналат.

СССР Жогорку Совети ушул Конституция менен ССР Союзунун кароосуна берилген бардык маселелерди чечүүгө укуктуу.

СССР Конституциясын кабыл алуу, ага өзгөрүүлөрдү киргизүү; СССРдин составына жаңы республикаларды кабыл алуу, жаңы автономиялуу республикалардын жана автономиялуу областтардын түзүлүшүн бекитүү; СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн мамлекеттик пландарын, СССРдин мамлекеттик бюджетин жана алардын аткарылышы жөнүндөгү отчетторду бекитүү; ССР Союзунун өзүнө отчет берүүчү органдарын түзүү жалаң гана СССР Жогорку Совети тарабынан иш жүзүнө ашырылат.

СССРдин закондору СССР Жогорку Совети тарабынан же СССР Жогорку Советинин чечими боюнча өткөрүлүүчү бүткүл элдик добушка коюу (референдум) аркылуу кабыл алынат.

**109-статья.** СССР Жогорку Совети эки палатадан: Союз Советинен жана Улуттар Советинен турат.

СССР Жогорку Советинин палаталары тең укуктуу.

**110-статья.** Союз Совети жана Улуттар Совети бирдей сандагы депутаттардан турат.

Союз Совети калкынын саны бирдей шайлоо округдары боюнча шайланат.

Улуттар Совети ар бир союздук республикадан 32 депутат, ар бир автономиялуу республикадан 11 депутат, ар бир автономиялуу областтан 5 депутат жана ар бир автономиялуу округдан 1 депутат нормасы боюнча шайланат.

Союз Совети жана Улуттар Совети өздөрү шайлаган мандат комиссияларынын сунушу боюнча депутаттардын полномочиелерин туура деп табуу жөнүндө, ал эми шайлоо жөнүндөгү закондор бузулган учурда айрым депутаттардын шайланышын анык эмес деп табуу жөнүндө чечим кабыл алышат.

**111-статья.** СССР Жогорку Советинин ар бир палатасы палатанын Председателин жана анын төрт орун басарын шайлайт.

Союз Советинин жана Улуттар Советинин председателдери тийиштүү палаталардын заседаниелерине жетекчилик кылат жана алардын ички тартибин башкарат.

СССР Жогорку Советинин палаталарынын кошмо заседаниелерин Союз Советинин жана Улуттар Советинин председателдери кезектешип алып барат.

**112-статья.** СССР Жогорку Советинин сессиялары жылына эки жолу чакырылат.

Кезексиз сессиялар СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан анын өз демилгеси боюнча, ошондой эле союздук республиканын же палаталардын биринин депутаттарынын кеминде үчтөн бир бөлүгүнүн сунушу боюнча чакырылат.

СССР Жогорку Советинин сессиясы палаталардын өз-өзүнчө жана кошмо заседаниелеринен, ошондой эле ал заседаниелердин аралыгында жүргүзүлүүчү палаталардын туруктуу комиссияларынын же СССР Жогорку Советинин комиссияларынын заседаниелеринен ту-

рат. Сессия палаталардын өз-өзүнчө же кошмо заседаниелеринде ачылат жана жабылат.

**113-статья.** СССР Жогорку Советинде закон чыгаруу демилгесине укук Союз Советине, Улуттар Советине, СССР Жогорку Советинин Президиумуна, СССР Министрлер Советине, өз мамлекеттик бийлигинин жогорку органдары аркылуу союздук республикаларга, СССР Жогорку Советинин комиссияларына жана анын палаталарынын туруктуу комиссияларына, СССР Жогорку Советинин депутаттарына, СССР Жогорку Сотуна, СССРдин Генеральный прокуроруна таандык.

Ошондой эле коомдук уюмдар өздөрүнүн жалпы союздук органдары аркылуу закон чыгаруу демилге укугуна ээ болушат.

**114-статья.** СССР Жогорку Советинин кароосуна коюлган закондордун долбоорлору жана башка маселелер палаталар тарабынан өздөрүнүн өз-өзүнчө же кошмо заседаниелеринде талкууланат. Зарыл учурда Закондун долбоору же болбосо тийиштүү маселе алдын-ала же кошумча карап чыгуу үчүн бир же бир нече комиссияга берилиши мүмкүн.

Эгерде СССР Жогорку Советинин палаталарынын ар биринде палаталардын депутаттарынын көпчүлүгү законду жактап добуш берсе, СССРдин Закону кабыл алынган болуп эсептелет. СССР Жогорку Советинин токтомдору жана башка актылары СССР Жогорку Советинин жалпы депутаттарынын көпчүлүгү тарабынан кабыл алынат.

Закондордун долбоорлору жана мамлекеттик турмуштун башка өтө маанилүү маселелери СССР Жогорку Советинин же болбосо СССР Жогорку Советинин Президиумунун өз демилгелери боюнча же союздук республиканын сунушу боюнча кабыл алынган чечими менен бүткүл элдик талкуулоого берилиши мүмкүн.

**115-статья.** Союз Советинин жана Улуттар Советинин ортосунда пикир келишпегендиктер болгон учурда маселе палаталар тарабынан тең негизде түзүлө турган макулдашуучу комиссиянын чечүүсүнө берилет, ошондон кийин маселе Союз Совети жана Улуттар Совети тарабынан кошмо заседаниеде экинчи жолу каралат. Эгер бул жолу да макулдашууга жетишилбей турган болсо, маселе СССР Жогорку Советинин келерки сессиясынын талкуулоосуна калтырылат же ал тарабынан жалпы элдик добушка (референдумга) коюуга берилет.

**116-статья.** СССРдин закондору, СССР Жогорку Советинин токтомдору жана башка актылары СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председателинин жана Секретарынын колу коюлуп, союздук республикалардын тилдеринде жарыяланат.

**117-статья.** СССР Жогорку Советинин депутаты СССР Министрлер Советине, министрлерге жана СССР Жогорку Совети түзүүчү башка органдардын жетекчилерине суроо-талап менен кайрылууга укуктуу. СССР Министрлер Совети же суроо-талап коюлган кызмат адамы СССР Жогорку Советинин дал ушул сессиясында үч күндөн ашпаган мөөнөттө оозеки же кат жүзүндө жооп кайтарууга милдеттүү.

**118-статья.** СССР Жогорку Советинин депутаты СССР Жогорку Советинин макулдугусуз, ал эми анын сессияларынын аралыгындагы мезгилде СССР Жогорку Советинин Президиумунун макулдугусуз кылмыш жоопкерчилигине тартылышы, камакка алынышы же сот аркылуу колдонулуучу административдик жаза чараларына тартылышы мүмкүн эмес.

**119-статья.** СССР Жогорку Совети палаталардын кошмо заседаниесинде СССР Жогорку Советинин Президиумун — өзүнүн бардык иштеринде СССР Жогорку Советине отчет бере турган жана СССРдин мамлекеттик бийлигинин жогорку органынын милдеттерин анын

сессияларынын аралыгындагы мезгилде Конституция тарабынан көрсөтүлгөн чектерде иш жүзүнө ашырып туруучу СССР Жогорку Советинин дайыма иштөөчү органын шайлайт.

**120-статья.** СССР Жогорку Советинин Президиуму депутаттардан СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председателинен, Председателинин Биринчи орун басарынан, Председателинин он беш орун басарынан — ар бир союздук республикадан бирден, Президиумдун Секретарынан жана Жогорку Советинин Президиумунун жыйырма бир мүчөсүнөн турган составда шайланат.

**121-статья.** СССР Жогорку Советинин Президиуму:

1) СССР Жогорку Советине шайлоону белгилейт;

2) СССР Жогорку Советинин сессияларын чакырат;

3) СССР Жогорку Советинин палаталарынын туруктуу комиссияларынын ишин координациялайт;

4) СССР Конституциясынын сакталышына контролдукту ишке ашырат жана союздук республикалардын конституцияларынын жана закондорунун СССР Конституциясына жана закондоруна шайкеш келишин камсыз кылат;

5) СССР закондоруна түшүндүрмө берет;

6) СССРдин эл аралык келишимдерин ратификациялайт жана денонсациялайт;

7) СССР Министрлер Советинин жана союздук республикалардын Министрлер Советтеринин Законго ылайык келбей калган токтомдорун жана буйруктарын бузат;

8) аскер наамдарын, дипломаттык рангдарды жана башка атайын наамдарды белгилейт; жогорку аскердик наамдарды, дипломатиялык рангдарды жана башка атайын наамдарды берет;

9) СССРдин ордендерин жана медалдарын чыгарат, СССРдин ардак наамдарын белгилейт; СССРдин орден-

дери жана медалдары менен сыйлайт; СССРдин ардак наамдарын берет;

10) СССР граждандыгына кабыл алат; СССР граждандыгынан чыгуу жана СССР граждандыгынан ажыратуу жөнүндөгү, баш калкалоого мүмкүндүк берүү жөнүндөгү маселелерди чечет;

11) амнистия жөнүндөгү жалпы союздук актыларды чыгарат жана кечирим берүүнү иш жүзүнө ашырат;

12) чет өлкөлүк мамлекеттердеги жана эл аралык уюмдардын алдындагы СССРдин дипломаттык өкүлдөрүн дайындайт жана чакырып алат;

13) өз алдында аккредиттелген чет өлкөлүк мамлекеттердин дипломаттык өкүлдөрүнүн ишеним жана кайра чакырып алма грамоталарын кабыл алат;

14) СССРдин Коргоо Советин түзөт жана анын составын бекитет, СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн жогорку командованиесин дайындайт жана алмаштырат;

15) СССРди коргоо таламдарына ылайык айрым жерлерде же бүткүл өлкө боюнча согуш абалын жарыялайт;

16) жалпы же жарым-жартылай мобилизация жарыялайт;

17) СССР Жогорку Советинин сессияларынын аралыгындагы мезгилде СССРге согуштук кол салынган учурда же агрессиядан өз ара коргонуу боюнча эл аралык келишимдин милдеттенмелерин орундатуу зарыл болгон учурда согуш абалын жарыялайт;

18) СССР Конституциясы жана закондору белгилеген башка полномочиелерди иш жүзүнө ашырат.

**122-статья.** СССР Жогорку Советинин Президиуму Жогорку Советтин сессиялар аралыгындагы мезгилде анын кийинки кезектеги сессиясынын бекитүүсүнө коюу менен:

1) СССРдин колдонулуп жаткан закон актыларына зарыл болгон учурда өзгөртүүлөр киргизет;

2) союздук республикалардын ортосундагы чек аралардын өзгөрүүлөрүн бекитет;

3) СССР Министрлер Советинин сунушу боюнча СССРдин министерстволорун жана СССРдин мамлекеттик комитеттерин түзөт жана жоёт;

4) СССР Министрлер Советинин Председателинин сунушу боюнча СССР Министрлер Советинин составына кирген айрым адамдарды кызматынан бошотот жана дайындайт.

**123-статья.** СССР Жогорку Советинин Президиуму указдар чыгарат жана токтомдор кабыл алат.

**124-статья.** СССР Жогорку Советинин полномочиелери бүткөндөн кийин жаңы шайланган СССР Жогорку Совети жаңы Президиумду түзгөнгө чейин СССР Жогорку Советинин Президиуму өзүнүн полномочиелерин сактайт.

СССРдин жаңы шайланган Жогорку Советин СССР Жогорку Советинин мурдагы составынын Президиуму шайлоодон кийин эки айдан кечиктирбей чакырат.

**125-статья.** Союз Совети жана Улуттар Совети СССР Жогорку Советинин кароосуна тиешелүү маселелерди алдын-ала карап чыгуу жана даярдоо үчүн, ошондой эле СССРдин закондорунун жана СССР Жогорку Совети менен анын Президиумунун башка чечимдеринин турмушка ашырылышына көмөк көрсөтүү үчүн, мамлекеттик органдардын жана уюмдардын иштерине контролдук кылуу үчүн депутаттардын ичинен туруктуу комиссияларды шайлашат. СССР Жогорку Советинин палаталары да биргелешкен комиссияларды тең негизде түзө алышат.

СССР Жогорку Совети зарыл деп тапкан учурда ар кандай маселе боюнча тергөө, текшерүү жана башка комиссияларды түзөт.

Мамлекеттик жана коомдук бардык органдар, меке-

мелер, уюмдар жана кызмат адамдары СССР Жогорку Советинин комиссияларынын жана палаталарынын комиссияларынын талаптарын орундатууга, аларга зарыл материалдарды жана документтерди берүүгө милдеттүү.

Комиссиялардын сунуштарын мамлекеттик жана коомдук органдар, мекемелер жана уюмдар сөзсүз карап чыгууга тийиш. Аларды кароонун натыйжалары жөнүндө же кабыл алынган чаралар жөнүндө комиссияларга белгиленген мөөнөттө билдирилиши тийиш.

**126-статья.** СССР Жогорку Совети өзүнө отчет берүүчү мамлекеттик бардык органдардын иштерине контролдук кылат.

СССР Жогорку Совети элдик контроль органдарынын системасына башчылык кылуучу СССР Элдик контролдоо комитетин түзөт.

Элдик контроль органдарынын ишин уюштуруу жана анын тартиби СССРдеги элдик контроль жөнүндөгү Закон менен аныкталат.

**127-статья.** СССР Жогорку Советинин жана анын органдарынын иш тартиби СССР Жогорку Советинин Регламенти жана СССР Конституциясынын негизинде чыгарылуучу СССРдин башка закондору менен аныкталат.

## 16-глава

## СССР МИНИСТРЛЕР СОВЕТИ

**128-статья.** СССР Министрлер Совети — СССРдин Өкмөтү — СССРдин мамлекеттик бийлигинин жогорку аткаруучу жана тескөөчү органы болуп саналат.

**129-статья.** СССР Министрлер Совети СССР Жогорку Совети тарабынан Союз Советинин жана Улуттар Советинин кошмо заседаниесинде СССР Министрлер Советинин Председателинен, СССР Министрлер Советинин

Председателинин биринчи орун басарларынан жана орун басарларынан, СССРдин министрлеринен, СССРдин мамлекеттик комитеттеринин председателдеринен турган составда түзүлөт.

СССР Министрлер Советинин составына кызматы боюнча союздук республикалардын Министрлер Советтеринин председателдери кирет.

СССР Министрлер Советинин Председателинин сунушу боюнча СССР Жогорку Совети СССРдин башка органдарынын жана уюмдарынын жетекчилерин СССРдин Өкмөтүнүн составына кошо алат.

СССР Министрлер Совети жаңы шайланган СССР Жогорку Советинин алдында анын биринчи сессиясында өзүнүн полномочиелерин тапшырат.

**130-статья.** СССР Министрлер Совети СССР Жогорку Советинин алдында жооптуу жана ага отчет берет, ал эми СССР Жогорку Советинин сессияларынын аралыгында СССР Жогорку Советинин Президиумунун алдында жооптуу жана ага отчет берет.

СССР Министрлер Совети өзүнүн иши жөнүндө СССР Жогорку Советине дайыма отчет берип турат.

**131-статья.** СССР Министрлер Совети ССР Союзунун кароосуна тиешелүү мамлекеттик башкаруунун бардык маселелерин чечүүгө укуктуу, анткени ал маселелер Конституцияга ылайык СССР Жогорку Советинин жана СССР Жогорку Советинин Президиумунун компетенциясына кирбейт.

СССР Министрлер Совети өзүнүн полномочиелеринин чегинде:

1) эл чарбасына жана социалдык-маданий курулушка жетекчиликти камсыз кылат; элдин жыргалчылыгынын жана маданиятынын өсүшүн камсыз кылуу боюнча, илим жана техниканы өнүктүрүү, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана коргоо боюнча, акча

жана кредит системаларын чыңдоо, баалардын, эмгекке акы төлөөнүн, социалдык камсыздоонун бирдиктүү саясатын жүргүзүү, мамлекеттик камсыздандырууну жана учет менен статистиканын бирдиктүү системасын уюштуруу боюнча чараларды иштеп чыгат жана иш жүзүнө ашырат; өнөр жай, курулуш, айыл чарба ишканаларын жана бирикмелерин, транспорт жана байланыш ишканаларын, банктарды, ошондой эле союзга баш ийген башка уюмдарды жана мекемелерди башкарууну уюштурат;

2) СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн учурдагы жана келечектеги мамлекеттик пландарын, СССРдин мамлекеттик бюджетин иштеп чыгат жана СССР Жогорку Советине киргизет; мамлекеттик планды жана бюджетти иш жүзүнө ашыруу боюнча чараларды көрөт; СССР Жогорку Советине пландардын орундатылышы жана бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет берет;

3) мамлекеттин таламдарын коргоо, социалисттик менчикти жана коомдук тартипти сактоо боюнча, граждандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу жана коргоо боюнча чараларды иш жүзүнө ашырат;

4) мамлекеттик коопсуздукту камсыз кылуу боюнча чараларды көрөт;

5) СССР Куралдуу Күчтөрүнүн курулушуна жалпы жетекчиликти иш жүзүнө ашырат, аскердик анык кызмат өтөөгө чакырууга тийиштүү граждандардын ар жылдагы контингенттерин аныктайт;

6) чет мамлекеттер менен мамилелер, тышкы соода, чет өлкөлөр менен СССРдин экономикалык, илимий-техникалык жана маданий кызматташтык жагынан жалпы жетекчиликти иш жүзүнө ашырат; СССРдин эл аралык келишимдеринин орундатылышын камсыз кылуу чараларын көрөт; өкмөттөр ортосундагы эл аралык келишимдерди бекитет жана денонсациялайт;

7) зарыл учурда чарбалык, социалдык-маданий жана коргоо курулушунун иштери боюнча СССР Министр-

лер Советинин алдында комитеттерди, башкы башкармаларды жана башка ведомстволорду түзөт.

**132-статья.** Эл чарбасына жетекчиликти камсыз кылууга байланышкан маселелерди жана мамлекеттик башкаруунун башка маселелерин чечүү үчүн СССР Министрлер Советинин туруктуу органы катары СССР Министрлер Советинин Председателинен, СССР Министрлер Советинин Председателинин биринчи орун басарларынан жана орун басарларынан турган составда СССР Министрлер Советинин Президиуму иштейт.

**133-статья.** СССР Министрлер Совети СССРдин закондорунун жана СССР Жогорку Советинин жана анын Президиумунун башка чечимдеринин негизинде жана аларды аткаруу максатында токтомдорду жана буйруктарды чыгарат жана алардын аткарылышын текшерет. СССР Министрлер Советинин токтомдору жана буйруктары СССРдин бүткүл территориясында аткарылууга милдеттүү.

**134-статья.** СССР Министрлер Совети ССР Союзунун кароосуна берилген маселелер боюнча союздук республикалардын Министрлер Советтеринин токтомдорунун жана буйруктарынын аткарылышын токтотуп коюуга, ошондой эле СССРдин министерстволорунун, СССРдин мамлекеттик комитеттеринин, өзүнө баш ийген башка органдардын актыларын бузууга укуктуу.

**135-статья.** СССР Министрлер Совети СССРдин жалпы союздук жана союздук-республикалык министерстволорунун жана СССРдин мамлекеттик комитеттеринин, өзүнө баш ийген башка органдардын ишин бириктирет жана багыттайт.

СССРдин жалпы союздук министерстволору жана мамлекеттик комитеттери башкаруунун өздөрүнө тапшырылган тармактарына жетекчилик кылат же СССРдин бүткүл территориясында тармактар аралык башкарууну

түздөн-түз же болбосо өзү түзүүчү органдар аркылуу ишке ашырат.

СССРдин союздук-республикалык министерстволору жана мамлекеттик комитеттери башкаруунун өздөрүнө тапшырылган тармактарына жетекчилик кылат же союзга баш ийген айрым ишканаларды жана бирикмелерди түздөн-түз башкарып, тармактар аралык башкарууну, эреже катары, союздук республикалардын тийиштүү министерстволору, мамлекеттик комитеттери жана башка органдары аркылуу жүргүзүшөт. Республикалык жана жергиликтүү баш ийүүдөгү ишканаларды жана бирикмелерди союздук баш ийүүгө өткөрүп берүүнүн тартибин СССР Жогорку Советинин Президиуму аныктайт.

СССРдин министерстволору жана мамлекеттик комитеттери башкаруунун өздөрүнө тапшырылган чөйрөлөрүнүн абалы жана өнүгүшү үчүн жооп беришет; өзүнүн компетенциясынын чегинде СССРдин закондорунун жана СССР Жогорку Советинин жана анын Президиумунун башка чечимдеринин, СССР Министрлер Советинин токтомдорунун жана буйруктарынын негизинде жана аларды аткаруу үчүн актыларды чыгарат; алардын аткарылышын уюштурат жана текшерет.

**136-статья.** СССР Министрлер Советинин жана анын Президиумунун компетенциясы, алардын иштеринин тартиби, Министрлер Советинин мамлекеттик башка органдар менен өз ара мамилелери, ошондой эле СССРдин жалпы союздук жана союздук-республикалык министерстволорунун жана мамлекеттик комитеттеринин тизмеси Конституциянын негизинде СССР Министрлер Совети жөнүндөгү Закон менен аныкталат.

# VI
# СОЮЗДУК РЕСПУБЛИКАЛАРДА МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ЖАНА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШ НЕГИЗДЕРИ

## 17-глава

## СОЮЗДУК РЕСПУБЛИКАНЫН МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИГИНИН ЖАНА БАШКАРУУСУНУН ЖОГОРКУ ОРГАНДАРЫ

**137-статья.** Союздук республиканын Жогорку Совети союздук республиканын мамлекеттик бийлигинин жогорку органы болуп саналат.

Союздук республиканын Жогорку Совети СССР Конституциясы жана союздук республиканын Конституциясы тарабынан союздук республиканын кароосуна берилген бардык маселелерди чечүүгө укуктуу.

Союздук республиканын Конституциясын кабыл алууну, ага өзгөртүүлөрдү киргизүүнү; союздук республиканын экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн мамлекеттик пландарын, мамлекеттик бюджетин жана алардын аткарылышы жөнүндөгү отчетун бекитүүнү; өзүнчө отчет берүүчү органдарды түзүүнү союздук республиканын Жогорку Совети гана иш жүзүнө ашырат.

Союздук республиканын закондору союздук республиканын Жогорку Совети тарабынан же союздук республиканын Жогорку Советинин чечими боюнча жүргүзүлүүчү элдик добуш берүү (референдум) менен кабыл алынат.

**138-статья.** Союздук республиканын Жогорку Совети Жогорку Советтин Президиумун — союздук республиканын Жогорку Советинин өзүнүн бардык иштеринде ага отчет берүүчү дайыма иштей турган органын шайлайт.

Союздук республиканын Жогорку Советинин Президиумунун составын жана полномочиелерин союздук республиканын Конституциясы аныктайт.

**139-статья.** Союздук республиканын Жогорку Совети союздук республиканын Министрлер Советин — союздук республиканын Өкмөтүн — союздук республиканын мамлекеттик бийлигинин аткаруучу жана тескөөчү жогорку органын түзөт.

Союздук республиканын Министрлер Совети союздук республиканын Жогорку Советинин алдында жооптуу жана ага отчет берип турат, ал эми Жогорку Советтин сессияларынын аралыгында союздук республиканын Жогорку Советинин Президиумунун алдында жооптуу жана ага отчет берип турат.

**140-статья.** Союздук республиканын Министрлер Совети СССРдин жана союздук республиканын закон актыларынын, СССР Министрлер Советинин токтомдорунун жана буйруктарынын негизинде жана аларды аткаруу максатында токтомдорду жана буйруктарды чыгарат, алардын аткарылышын уюштурат жана текшерет.

**141-статья.** Союздук республиканын Министрлер Совети автономиялуу республикалардын Министрлер Советтеринин токтомдорунун жана буйруктарынын аткарылышын токтотуп коюуга, эл депутаттарынын крайлык, областтык, шаардык (республикага баш ийген шаарлар) Советтеринин, автономиялуу областтардын эл депутаттар Советтеринин аткаруу комитеттеринин, ал эми областтарга бөлүнбөгөн союздук республикаларда, — эл депутаттарынын райондук жана тийиштүү шаардык Советтеринин аткаруу комитеттеринин чечимдерин жана буйруктарын бузат.

**142-статья.** Союздук республиканын Министрлер Совети союздук республиканын союздук-республикалык жана республикалык министерстволорунун, мамлекеттик

комитеттеринин, өзүнө баш ийген башка органдарынын ишин бириктирет жана багыттайт.

Союздук республиканын союздук-республикалык министерстволору жана мамлекеттик комитеттери союздук республиканын Министрлер Советине, ошондой эле СССРдин тийиштүү союздук-республикалык министерствосуна же СССРдин мамлекеттик комитетине да баш ийип, башкаруунун өздөрүнө тапшырылган тармактарына жетекчилик кылат же тармактар аралык башкарууну ишке ашырат.

Республикалык министерстволор жана мамлекеттик комитеттер союздук республиканын Министрлер Советине баш ийип башкаруунун өздөрүнө тапшырылган тармактарына жетекчилик кылат же тармактар аралык башкарууну ишке ашырат.

## 18-глава

## АВТОНОМИЯЛУУ РЕСПУБЛИКАНЫН МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИГИНИН ЖАНА БАШКАРУУСУНУН ЖОГОРКУ ОРГАНДАРЫ

**143-статья.** Автономиялуу республиканын мамлекеттик бийлигинин жогорку органы автономиялуу республиканын Жогорку Совети болуп саналат.

Автономиялуу республиканын Конституциясын кабыл алууну, ага өзгөртүүлөрдү киргизүүнү; автономиялуу республиканын экономикалык жана саясий өнүгүшүнүн мамлекеттик пландарын, ошондой эле мамлекеттик бюджетин бекитүүнү; өзүнө отчет берүүчү органдарды түзүүнү автономиялуу республиканын Жогорку Совети гана иш жүзүнө ашырат.

Автономиялуу республиканын закондорун автономиялуу республиканын Жогорку Совети кабыл алат.

**144-статья.** Автономиялуу республиканын Жогорку Совети автономиялуу республиканын Жогорку Совети-

нин Президиумун шайлайт жана автономиялуу республиканын Министрлер Советин — автономиялуу республиканын Өкмөтүн түзөт.

## 19-глава

## МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИКТИН ЖАНА БАШКАРУУНУН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ОРГАНДАРЫ

**145-статья.** Крайларда, областтарда, автономиялуу областтарда, автономиялуу округдарда, райондордо, шаарларда, шаарлардагы райондордо, поселоктордо, айылдык калк жашаган жерлерде мамлекеттик бийлик органдары болуп эл депутаттарынын тиешелүү Советтери саналат.

**146-статья.** Эл депутаттарынын жергиликтүү Советтери жалпы мамлекеттик таламдарды жана Советтин территориясында жашап турган граждандардын таламдарын эске алуу менен жергиликтүү маанидеги маселелердин бардыгын чечишет, мамлекеттик жогорку органдардын чечимдерин турмушка ашырышат, эл депутаттарынын төмөн турган Советтеринин иштерине жетекчилик кылышат, республикалык жана жалпы союздук мааниси бар маселелерди талкуулоого катышат, бул маселелер боюнча өз сунуштарын кийришет.

Эл депутаттарынын жергиликтүү Советтери өз территориясында мамлекеттик, чарбалык жана социалдык-маданий курулушка жетекчилик кылат; экономикалык жана социалдык өнүгүү пландарын жана жергиликтүү бюджетти бекитет; өзүнө баш ийген мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишине жетекчиликти ишке ашырышат; закондордун сакталышын, мамлекеттик жана коомдук тартипти, граждандардын укуктарын коргоону камсыз кылышат; өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоого көмөк көрсөтүшөт.

**147-статья.** Эл депутаттарынын жергиликтүү Советтери өзүнө караштуу территорияда комплекстүү экономикалык жана социалдык өнүгүүнү өздөрүнүн полномочиелеринин чегинде камсыз кылат; ошол территорияга жайгашкан жогорку органдарга баш ийе турган ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын законлорду сакташына контролдукту ишке ашырышат; алардын жерди пайдалануу, жаратылышты коргоо, курулуш, эмгек ресурстарын пайдалануу, эл керектөөчү товарларды иштеп чыгаруу, калкты социалдык-маданий, турмуш-тиричилик жана башка жактан тейлөө жагындагы ишин координациялашат жана контролдукка алышат.

**148-статья.** Эл депутаттарынын жергиликтүү Советтери ССР Союзунун, союздук жана автономиялуу республиканын закондору тарабынан өздөрүнө берилген полномочиелердин чегинде чечимдер кабыл алышат. Жергиликтүү Советтердин чечимдери анын территориясында жайгашкан бардык ишканалар, мекемелер жана уюмдар, ошондой эле кызмат адамдары жана граждандар тарабынан аткарылууга милдеттүү.

**149-статья.** Эл депутаттарынын жергиликтүү Советтеринин аткаруучу жана тескөөчү органдары болуп депутаттардын ичинен алардын өздөрү шайлаган аткаруу комитеттери саналат.

Аткаруу комитеттери өздөрүн шайлаган Советтердин, ошондой эле эмгек коллективдеринин жана граждандардын жашап турган жериндеги чогулуштарында жылына кеминде бир жолу отчет берип турушат.

**150-статья.** Эл депутаттарынын жергиликтүү Советтеринин аткаруу комитеттери өзүн шайлаган Советке да, ошондой эле жогорку аткаруучу жана тескөөчү органга да түздөн-түз отчет беришет.

# VII
# СОТ АДИЛЕТТИГИ, АРБИТРАЖ ЖАНА ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛ

## 20-глава

### СОТ ЖАНА АРБИТРАЖ

**151-статья.** СССРде сот адилеттигин сот гана ишке ашырат.

СССРде СССР Жогорку Соту, союздук республикалардын Жогорку Соттору, автономиялуу республикалардын Жогорку Соттору, крайлык, областтык, шаардык соттор, автономиялуу областтардын соттору, автономиялуу округдардын соттору, райондук (шаардык) эл соттору, ошондой эле Куралдуу Күчтөрдө аскердик трибуналдар иштешет.

**152-статья.** СССРде бардык соттор судьялардын жана эл заседателдеринин шайлануусунун негизинде түзүлөт.

Райондук (шаардык) эл сотторунун эл судьялары райондун (шаардын) граждандары тарабынан жашыруун добуш берүү менен жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде беш жылдык мөөнөткө шайланат. Райондук (шаардык) эл сотторунун эл заседателдери иштеген же жашаган жери боюнча граждандардын чогулуштарында ачык добуш берүү менен эки жарым жылдык мөөнөткө шайланат.

Жогору турган соттор эл депутаттарынын тийиштүү Советтери тарабынан беш жылдык мөөнөткө шайланат.

Аскер трибуналдарынын судьялары СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан беш жылдык мөөнөт-

кө, ал эми эл заседателдери болсо, аскер кызматкерлеринин чогулуштарында эки жарым жылдык мөөнөткө шайланат.

Судьялар жана эл заседателдери шайлоочулардын, же өздөрүн шайлаган органдардын алдында жооптуу, аларга отчет берет жана алар тарабынан Закон белгиленген тартипте кайра чакырылып алынышы мүмкүн.

**153-статья.** СССРдин Жогорку Соту — СССРдин эң жогорку сот органы жана СССРдин сотторунун, ошондой эле союздук республикалардын сотторунун сот ишине Закондо белгиленген чекте көзөмөлдү ишке ашырат.

СССР Жогорку Сотун Председателден, анын орун басарларынан, мүчөлөрүнөн жана эл заседателдеринен турган составда СССР Жогорку Совети шайлайт. СССР Жогорку Сотунун составына кызматы боюнча союздук республикалардын Жогорку Сотторунун председателдери киришет.

СССР Жогорку Сотунун уюштурулушу жана иш тартиби СССР Жогорку Соту жөнүндөгү Закондо аныкталат.

**154-статья.** Граждандык жана уголовный иштерди кароо бардык соттордо коллегиялуу түрдө, ал эми биринчи инстанциядагы сотто эл заседателдеринин катышуусу менен ишке ашырылат. Сот адилеттигин ишке ашырууда эл заседателдери судьялардын бардык укуктарынан пайдаланышат.

**155-статья.** Судьялар жана эл заседателдери эч кимге көз каранды эмес жана Законго гана баш иет.

**156-статья.** СССРде сот адилеттиги Закондун жана соттун алдында граждандардын теңдигинин негизинде ишке ашырылат.

**157-статья.** Иштерди кароо бардык соттордо ачык жүргүзүлөт. Иштерди соттун жабык заседаниесинде ка-

роого Закондо белгиленген учурларда гана сот өндүрүшүнүн бардык эрежелерин сактоо менен жол берилет.

**158-статья.** Айыпкерге коргонуу укугу камсыз кылынат.

**159-статья.** Сот өндүрүшү союздук же автономиялуу республиканын, автономиялуу областтын, автономиялуу округдун тилинде же ошол жерде жашаган калктын көпчүлүгүнүн тилинде жүргүзүлөт. Сот өндүрүшү жүрүп жаткан тилди билбеген адам ишке катышса, ага тилмеч аркылуу иштин материалдары менен толук таанышуу, сот аракеттерине катышуу укугу жана сотто өз эне тилинде сүйлөө укугу камсыз кылынат.

**160-статья.** Соттун өкүмү болмоюнча жана Законго ылайык келмейинче кылмыш жасады деп эч ким күнөөлүү болуп табылышы, ошондой эле кылмыш жазасына тартылышы мүмкүн эмес.

**161-статья.** Граждандарга жана уюмдарга юридикалык жардам көрсөтүү үчүн адвокаттар коллегиясы иштейт. Закондордо каралган учурларда граждандарга укуктук жардам акысыз көрсөтүлөт.

Адвокатуранын уюштурулушу жана иш тартиби ССР Союзунун жана союздук республикалардын закондору менен аныкталат.

**162-статья.** Граждандык жана уголовный иштер боюнча сот өндүрүшүнө коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрүнүн катышуусуна жол берилет.

**163-статья.** Ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин ортосундагы чарбалык талаштарды чечүүнү мамлекеттик арбитраж органдары өздөрүнүн компетенциясынын чектеринде ишке ашырат.

Мамлекеттик арбитраж органдарынын уюштурулушу жана иш тартиби СССРдеги мамлекеттик арбитраж жөнүндөгү Закон менен аныкталат.

## 21-глава

## ПРОКУРАТУРА

**164-статья.** Бардык министерстволордун, мамлекеттик комитеттердин жана ведомстволордун, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын, эл депутаттарынын жергиликтүү Советтеринин аткаруучу жана тескөөчү органдарынын, колхоздордун, кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын, кызмат адамдарынын, ошондой эле граждандардын закондорду так жана бир түрдүү аткарышына жогорку көзөмөл СССРдин Генеральный прокуроруна жана ага баш ийген прокурорлорго жүктөлөт.

**165-статья.** СССРдин Генеральный прокурорун СССР Жогорку Совети дайындайт, ал анын алдында жооптуу жана ага отчет берет, ал эми Жогорку Советтин сессияларынын аралыгында — СССР Жогорку Советинин Президиумунун алдында жооптуу жана ага отчет берет.

**166-статья.** Союздук республикалардын, автономиялуу республикалардын, крайлардын, областтардын жана автономиялуу областтардын прокурорлорун СССРдин Генеральный прокурору дайындайт. Автономиялуу округдардын прокурорлорун, райондук жана шаардык прокурорлорду союздук республикалардын прокурорлору дайындайт жана СССРдин Генеральный прокурору бекитет.

**167-статья.** СССРдин Генеральный прокурорунун жана төмөнкү бардык прокурорлордун полномочиелеринин мөөнөтү — беш жыл.

**168-статья.** Прокуратура органдары өздөрүнүн полномочиелерин СССРдин Генеральный прокуроруна гана баш ийүү менен жергиликтүү ар кандай органдарга көз каранды болбой ишке ашырат.

Прокуратура органдарынын уюштурулушу жана иш тартиби СССРдин прокуратурасы жөнүндөгү Закон менен аныкталат.

## VIII
## СССРдин ГЕРБИ, ЖЕЛЕГИ, ГИМНИ ЖАНА БОРБОРУ

**169-статья.** Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Мамлекеттик герби күн нуруна бөлөнүп, буудайдын машагы менен жээктелип, жер шарынын бетине түшүрүлгөн орок жана балкадан турат, анда союздук республикалардын тилдеринде: «Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!» деп жазылган. Гербдин жогору жагында беш бурчтуу жылдыз тартылган.

**170-статья.** Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Мамлекеттик желеги анын сабына жакын жогорку бурчунда алтын орок менен балканын жана алардын үстүндө алтын кыргак менен жээктелген беш бурчтуу кызыл жылдыздын сүрөтү түшүрүлгөн кызыл тик бурчтуу кездемеден турат. Желектин узун туурасы— 2:1.

**171-статья.** Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Мамлекеттик гимни СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан бекитилет.

**172-статья.** Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун борбору — Москва шаары.

## IX

## СССР КОНСТИТУЦИЯСЫН КОЛДОНУУ ЖАНА АНЫ ӨЗГӨРТҮҮ ТАРТИБИ

**173-статья.** СССР Конституциясынын эң жогорку юридиктик күчү бар. Бардык закондор жана Мамлекеттик органдардын башка актылары СССР Конституциясынын негизинде жана ага ылайык чыгарылат.

**174-статья.** СССР Конституциясын өзгөртүү СССР Жогорку Советинин палаталарынын ар биринин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн эки бөлүгүнөн турган көпчүлүгү кабыл алган СССР Жогорку Советинин чечими менен жүргүзүлөт.

МАЗМУНУ

I. СССРДИН КООМДУК ТҮЗҮЛҮШҮНҮН ЖАНА САЯСАТЫНЫН НЕГИЗДЕРИ

1-глава. Саясий система . . . . . . . . . . . . . . 7
2-глава. Экономикалык система . . . . . . . . . . . . . 9
3-глава. Социалдык өнүгүү жана маданият . . . . . . . . . 13
4-глава. Тышкы саясат . . . . . . . . . . . . . . . 15
5-глава. Социалисттик Ата Мекенди коргоо . . . . . . . . . 16

II. МАМЛЕКЕТ ЖАНА АДАМ

6-глава. СССР граждандыгы. Граждандардын тең укуктуулугу . . . 17
7-глава. СССР граждандарынын негизги укуктары, эркиндиктери жана милдеттери . . . . . . . . . . . . . . . 19

III. СССРДИН УЛУТТУК-МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ

8-глава. СССР — Союздук мамлекет . . . . . . . . . . . 28
9-глава. Союздук Советтик Социалисттик Республика . . . . . 31
10-глава. Автономиялуу Советтик Социалисттик Республика . . . . 32
11-глава. Автономиялуу область жана автономиялуу округ . . . . 34

IV. ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН СОВЕТТЕРИ ЖАНА АЛАРДЫ ШАЙЛОО ТАРТИБИ

12-глава. Эл депутаттарынын Советтеринин системасы жана иш принциптери . . . . . . . . . . . . . . . 35
13-глава. Шайлоо системасы . . . . . . . . . . . . . 37
14-глава. Эл депутаты . . . . . . . . . . . . . . . 38

V. СССРДИН МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИГИНИН ЖАНА БАШКАРУУСУНУН ЖОГОРКУ ОРГАНДАРЫ

15-глава. СССР Жогорку Совети . . . . . . . . . . . . 41
16-глава. СССР Министрлер Совети . . . . . . . . . . . 48

VI. СОЮЗДУК РЕСПУБЛИКАЛАРДА МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ЖАНА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШ НЕГИЗДЕРИ

17-глава. Союздук Республиканын мамлекеттик бийлигинин жана башкаруусунун жогорку органдары . . . . . . . . . . 53
18-глава. Автономиялуу республиканын мамлекеттик бийлигинин жана башкаруусунун жогорку органдары . . . . . . . . 55
19-глава. Мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жергиликтүү органдары . . . . . . . . . . . . . . . . 56

VII. СОТ АДИЛЕТТИГИ, АРБИТРАЖ ЖАНА ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛ

20-глава. Сот жана арбитраж . . . . . . . . . . . . . 58
21-глава. Прокуратура . . . . . . . . . . . . . . . 61

VIII. СССРДИН ГЕРБИ, ЖЕЛЕГИ, ГИМНИ ЖАНА БОРБОРУ . . . 62

IX. СССР КОНСТИТУЦИЯСЫН КОЛДОНУУ ЖАНА АНЫ ӨЗГӨРТҮҮ ТАРТИБИ . . . . . . . . . . . . . . . . . 63